# “Билим берүү чөйрөсүндө сапаттын кепилдиги боюнча EdNet агенттиги”

**600200 Туризм**
**билим берүү программасын көз карандысыз аккредитациялоонун жыйынтыгы боюнча**

# ЭКСПЕРТТИК КОМИССИЯНЫН КОРУТУНДУСУ

**Окутуунун деңгээли: Магистратура**

**Ош мамлекеттик университети**

**Апрель, 2025**

## Мазмуну

Маалымат – Программа жана аккредитация процесси тууралуу
1-Стандарт. Билим берүү уюмунун миссиясы жана билим берүү программасынын өнүктүрүү стратегиясы.
2-Стандарт. Сапатты камсыздоо саясаты жана системасы.
3-Стандарт. Билим берүү программасынын максаттары жана окуу натыйжалары.
4-Стандарт. Билим берүү программасын иштеп чыгуу, бекитүү жана анын мазмуну, студентке багытталган окутууга шарт түзүүчү окуу процесси. Студенттердин жетишкендиктери жана бааланышы.
5-Стандарт. Профессордук-окутуучулар курамы.
6-Стандарт. Инфраструктура, ресурстар жана студенттерди колдоо
7-Стандарт. Отчеттуулук, айкындуулук, маалыматты башкаруу жана анын ишенимдүүлүгү. Коомчулукту маалымдоо.

Артыкчылыктар, сунушталган чаралар жана ББУ/ББП үчүн милдеттүү түрдө аткарылышы керек болгон сунуштар.

Тиркеме 1. Эксперттик комиссия мүчөлөрүнүн кыскача өмүр баяны.
Тиркеме 2. Эксперттик комиссиянын ББУга болгон сапарынын программасы.
Тиркеме 3. Окуу жыйынтыктарынын тизмеси.
Тиркеме 4. Эксперттик комиссиянын мүчөлөрү тарабынан анализделген документтер жана иштердин тизмеси.

## Билим берүү программасы жана аккредитациялоо процесси жөнүндө кыскача маалымат

| | |
|---|---|
| **Билим берүү мекемесинин аталышы** | Ош мамлекеттик университети |
| **ББУ менчик формасы** | Мамлекеттик |
| **Программанын аталышы / адистиги** | Туризм, Эл аралык туризм |
| **Программанын шифри** | 600200 |
| **Даярдоонун деңгээли** | Магистратура |
| **ББПдагы кредиттердин саны** | 120 |
| **Дареги** | 723500, Кыргыз Республикасы, Ош шаары, Ленин көчөсү, 331 |
| **Окутуунун тили** | Кыргыз, орус |
| **Өздүк баалоону өткөрүүнүн датасы** | Январь - март 2025-ж. |
| **Эксперттик комиссиянын билим берүү мекемесине визити** | 16-17-апрель, 2025-жыл |
| **Программа жетекчиси** | Алайчиев Эрнисбек Каныбекович |
| **Билим берүү мекемесинин аталышы** | Табият таануу, дене тарбия, туризм жана агрардык технологиялар институту, |

Эксперттик комиссиянын курамы 2025ж, 7 апрель күнү бекитилген. Комиссия курамындагы эксперттердин квалификациялары менен ББУнун ортосундагы кызыкчылыктардын кагылышуусу болбогондугу алдын ала макулдашылган. Комиссия курамы:

1. **Садыкова Гулзат Эркинбаевна,** маданий илимдеринин кандидаты, Кыргызстан Ислам университетинин илим боюнча проректору, академик Т. С. Садыков атындагы Кыргыз Республикасынын Улуттук көркөм өнөр академиясынын искусствоведение кафедрасынын доценти, EdNet агенттигинин сапат кепилдиги боюнча эксперти.
2. **Жолдошева Айнура Буудайыковна,** техника илимдеринин кандидаты, доцент, И. Раззаков атындагы КМТУнун "Буюмдардын көркөм долбоорлоо" кафедрасынын башчысы.

3. **Сулайманова Жылдыз Назарбековна**, педагогика илимдеринин кандидаты, И. Арабаев атындагы КМУнун "Костюм жана текстиль технологиясы жана искусствосу" кафедрасынын доценти.
4. **Жакыпов Кубатбек Куланчиевич**, Бубусара Бейшеналиева атындагы Кыргыз мамлекеттик маданият жана искусство университетинин окуу иштери боюнча проректору.
5. **Турдугулова Айтурган Турдугуловна,** Бубусара Бейшеналиева атындагы Кыргыз мамлекеттик маданият жана искусство университетинин эстрада жана музыкалык билим берүү факультетинин деканы (кызматты аткаруучу).
6. **Садырова Гульзат,** Кыргыз улуттук агрардык университетинин сапат, аккредитация жана лицензиялоо бөлүмүнүн башчысы, доцент, EdNet агенттигинин сапат кепилдиги боюнча эксперти.
7. **Омурканова Айгуль Турарбековна**, филология илимдеринин кандидаты, доцент, PhD, "Медиа Полиси" коомдук фондунун медиа долбоорлор боюнча студенттер менен иштөө боюнча тренер-ментор жана куратор-ментор, мурдагы КРСУнун Журналистика боюнча билим берүү программаларынын жетекчиси.
8. **Машрапов Таласбек Туратбекович**, тарых илимдеринин кандидаты, профессордун милдетин аткаруучу, К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин "Чыгыш таануу жана эл аралык мамилелер" факультетинин деканы.
9. **Жапарова Нургуль Сулаймановна**, экономика илимдеринин кандидаты, кафедра башчысы, туризм жана менеджмент багыттары боюнча жогорку жана орто кесиптик билим берүү программаларынын жетекчиси, Туризм академиясы.
10. **Дауен Динара Бақыткерейқызы**, Казакстандын Аль-Фараби атындагы Улуттук университети, PhD, Кытай таануу кафедрасынын доценти, Чыгыш таануу факультети, Казакстан Кытай таанучулар ассоциациясынын төрайымы.
11. **Болотова Айгуль Мекеновна,** "LLC Irbis Communication" компаниясынын башкы директору, GOPA Worldwide Consultants GmbH эксперти.
12. **Пулатова Гульнара Тулановна**, экономика илимдеринин кандидаты, доцент, профессор, Экономика жана каржы кафедрасы, К. Ш. Токтомаматов атындагы Эл аралык университетинин Окуу-илимий-өндүрүш комплекси, EdNet агенттигинин сапат кепилдиги боюнча эксперти.
13. **Акпаралиев Руслан Абдысаматович,** техника илимдеринин кандидаты, доцент, И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин Энергетикалык институтунун директору.
14. **Турдуев Мирбек**, профессор, электроника жана электр инженериясы бөлүмү, Кыргыз-Түрк "Манас" университети, MIT (АКШ) илимий кызматкери, PhD (Турция), Post Doc (Испания, Каталония политехникалык университети).
15. **Ибраев Алмазбек Дүйшөков**, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент, Эл аралык Кувейт университетинин "Педагогика, колдонмо информатика жана жаратылыш илимдери" кафедрасы.
16. **Урдалетова Анаркуль Бурганаковна**, профессор, математика илимдеринин доктору, Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин "Математика" бөлүмү.
17. **Сатыбаев Дастан Нурланбекович**, “Кыргызстан Эл аралык университети“ Окуу-илимий-өндүрүш комплексинин» чет тилдер жана котормо иши программаларларынын жетекчиси.
18. **Шерипбаева Гулнур Болотбековна**, "Олимп" гимназия мектебинин директору.
19. **Иманкулова Жаркынай Шавкатовна,** "Jarkyn fashion school" ателье жана окуу борборунун негиздөөчүсү.

EdNet агенттиги тарабынан эксперттик комиссияны координациялоо ишин Ч.М.Махмудова жүргүздү.

Стандарттар жана программа жалпысынан EdNet агенттигинде атайын бекитилген баа берүү шкаласы аркылуу жүргүзүлдү:

- **толугу менен туура келет**
- **көп даражада дал келет**
- **жарым жартылай туура келет**
- **туура келбейт**

*Ошентип, эксперттик комиссия ар бир стандарт үчүн программага төмөнкүдөй баа берди:*

| | |
|---|---|
| *1-стандарт. ББУнун миссиясы жана билим берүү программасынын өнүгүү стратегиясы.* | **толугу менен туура келет** |
| *2-стандарт. ББПнын сапат кепилдигинин саясаты жана системасы.* | **көп даражада дал келет** |
| *3-стандарт. Билим берүү программасын окутуунун максаты жана натыйжалары.* | **көп даражада дал келет** |
| *4-стандарт. Билим берүү программасынын иштелмеси, мазмуну жана бекитилиши жана студентке багытталган окутууга өбөлгө болуучу билим берүү процесси.* | **көп даражада дал келет** |
| *5-стандарт. Профессорлук-окутуучулук курам.* | **толугу менен туура келет** |
| *6-стандарт. Инфраструктура, ресурстар жана студенттерди колдоо.* | **көп даражада дал келет** |
| *7-стандарт. Башкаруу, маалыматтын ачык-айкындыгы жана ишенимдүүлүгү. Коомчулукка маалымат берүү.* | **толугу менен туура келет** |

Эксперттик комиссиянын бардык мүчөлөрү баалоо EdNet агенттигинин стандарттарына жана агенттикти аккредитациялоо саясатына ылайык жүргүзүлгөндүгүн жана бул отчетто берилген баалоонун жыйынтыктары боюнча тыянактар чындыкка дал келерин жана коомчулукка толук таянууга боло турган, объективдүү жана калыс маалымат бере тургандыгын тастыкташат жана Агенттиктин аккредитациялоо боюнча кеңешине чечим кабыл алуу үчүн кароого сунуштарын беришет.

*2025-жылдын 13-майындагы №СА 11-протоколго ылайык, EdNet Агенттигинин Аккредитациялоо боюнча Кеңешинин чечими менен 5 жылга аккредитацяланды.*

# Программаны стандарттарга ылайык баалоо

## *1-СТАНДАРТ. БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМУНУН МИССИЯСЫ ЖАНА БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫН ӨНҮКТҮРҮҮ СТРАТЕГИЯСЫ.*

| |
|---|
| ***Стандарттын аныктамасы***<br><br>***Бул стандартка ылайык, билим берүү уюмунун так аныкталган Миссиясы болушу керек. Билим берүү уюмунун миссиясы жалпыга маалым болушу керек. Билим берүү программасын өнүктүрүү боюнча иштелип чыккан стратегия Билим берүү уюмунун миссиясын ишке ашырууга көмөктөшүүгө тийиш .*** |
| ***Стандартка Колдонмо***<br><br>*Уюмдун миссиясы ар бир билим берүү мекемесинин стратегиялык өнүгүү планынын эң маанилүү бөлүгү болуп саналат. Ал ишмердүүлүктүн негизги максатын аныктайт. Адатта, билим берүү уюму өз ишин так миссияны аныктоо менен баштайт, бул ички стейкхолдерлерди багыттап, аларга өз алдынча, ошол эле учурда жалпы максаттарга жетүү үчүн жамааттык түрдө иштөөгө мүмкүнчүлүк берет.*<br><br>*Миссия келечекке болгон умтулууну чагылдырат, эмнеге аракет жумшала турганын жана кайсы баалуулуктарга артыкчылык берилерин көрсөтөт. Уюмдун миссиясы жана максаттары билим берүү уюмунун өнүгүүсүнүн негизги багытын аныктайт. Миссияга ылайык ар бир билим берүү мекемеси үчүн өнүгүү стратегиясы жана стратегиялык өнүгүү планы иштелип чыгат.*<br><br>*Билим берүү программасын өнүктүрүү стратегиясы – бул билим берүү программасын өнүктүрүүнү башкаруу боюнча чаралар системасы, ал узак мөөнөттүү артыкчылыктарга негизделет. Өнүктүрүү стратегиясы максаттарды коюуну, ал максаттарга жетүү үчүн иш-аракеттерди аныктоону жана бул иш-аракеттерди ишке ашыруу үчүн зарыл болгон ресурстарды мобилизациялоону камтыйт. Билим берүү программасынын стратегиялык өнүгүү планы программанын максаттарына жетүү үчүн бар ресурстарды кандайча пайдалануу керектигин сүрөттөйт.* |

***Жалпы баа***

Эксперттик комиссиянын стандарттын мазмунуна талдоо жүргүзгөн талдоосунун жыйынтыгында, билим берүү уюму – Ош мамлекеттик университети (ОшМУ) – жогорку билим берүү чөйрөсүндө Кыргыз Республикасынын мамлекеттик саясатынын артыкчылыктарына шайкеш келген, өлкөнүн туруктуу өнүгүүсүн камсыз кыла ала турган заманбап адистерди даярдоого багытталган так аныкталган миссияга ээ. Миссия 2023-жылдын 31-мартындагы Окумуштуулар кеңешинин №7-протоколунун негизинде бекитилген жана университеттин расмий сайтына төрт тилде ачык жайгаштырылган: https://www.oshsu.kg/ru/page/15. Бул миссиянын жалпыга жеткиликтүүлүгүн жана бардык стейкхолдерлер үчүн ачык экенин далилдейт. Миссия, максаттар жана милдеттер Ош мамлекеттик университетинин 2023–2026-жылдарга карата «Туруктуу өнүгүү модели»

стратегиялык өнүгүү программасында көрсөтүлгөн (Окумуштуулар кеңешинин №5-протоколу, 20.01.2023-ж.; ректордун №182-ФХД/23 буйругу, 23.01.2023-ж.): https://www.oshsu.kg/storage/uploads/files/21708594193Osh_mamlekettik_universitetinin_2023-2026-zhyldarga_turuktuu_onuguu_modeli.pdf, Ош мамлекеттик университетинин билим берүү программалары так аныкталган, жалпыга жеткиликтүү жана актуалдуу миссияга негизделгени, бул миссиянын мазмуну бардык кызыкдар тараптарга жеткиликтүү болуп, алар тарабынан толук түшүнүлүп, иш жүзүндө колдонулганы байкалды. Ошондой эле, миссияны стейкхолдерлерге таанытуу боюнча жолугушуулар уюштурулуп, иш берүүчүлөр менен ачык диалог жүргүзүлгөн.

Эксперттик комиссиянын пикиринде, 600200 “Туризм” профиль “Эл аралык туризм” билим берүү программасынын 2023-2027-жылдарга карата түзүлгөн Өнүктүрүү стратегиясы университеттин жалпы миссиясынан логикалуу түрдө келип чыгат жана анын узак мөөнөттүү, стратегиялык максаттарына – изилдөөчү университетке айлануу, дүйнөдөгү алдыңкы жогорку окуу жайлардын ТОП-700 тизмесине кирүү жана ОшМУну Борбордук Азиядагы алдыңкы үч университеттин катарына кошуу ниетине толук шайкеш келет.

Профессордук-окутуучулук курам, администрациялык-башкаруу персоналы жана студенттер менен болгон маектердин жүрүшүндө эксперттик комиссия университеттин миссиясы билим берүү процесстеринин негизги катышуучуларына кеңири белгилүү экенин, терең түшүнүлгөнүн жана кабыл алынганын аныктады. Табият таануу, дене тарбия, туризм жана агрардык технологиялар институтунун жетекчилиги жана кызматкерлери ОшМУнун стратегиялык максаттарын жакшы өздөштүргөн жана аларды билим берүү программасынын алкагында ишке ашырууга жигердүү катышууда.

Эксперттик комиссия 600200 “Туризм” багыты боюнча билим берүү программасынын Өнүктүрүү стратегиясы 2023-2027-жылдарга карата иштелип чыгып, ал так максаттарды жана милдеттерди камтыганын ырастайт. Стратегия төмөнкү негизги багыттарды камтыйт: кадрдык мүмкүнчүлүктөрдү өнүктүрүү, окуу пландарын өркүндөтүү, эл аралык кызматташтыкты кеңейтүү, материалдык-техникалык базаны чыңдоо, иш берүүчүлөр менен байланыштарды бекемдөө жана билим берүүнүн мазмунун заманбап шарттарга ылайыкташтыруу. Билим берүү программасынын Өнүктүрүү стратегиясы тиешелүү максаттар менен бирге талкуудан өтүп, расмий түрдө бекитилген жана ички жана тышкы кызыкдар тараптарга расмий сайттар, социалдык тармактар, иш берүүчүлөр жана бүтүрүүчүлөр менен жолугушуулар аркылуу жеткирилген.

Тышкы эксперттик комиссиянын иш сапарынын жүрүшүндө стратегияны ишке ашырууну тастыктаган документтер системалуу түрдө жүргүзүлүп жана талдоо үчүн жеткиликтүү экендиги аныкталган. НББПны Өнүктүрүү стратегиясы «ОшМУнун 2023-2026-жылдарга туруктуу өнүгүү модели» стратегиялык программасында белгиленген негизги 8 милдетти ишке ашырууну көздөп түзүлүп, 2023-жылдын 5-сентябрь айында Экономикалык география, тармактык экономика жана туризм кафедрасынын жыйынында талкууланып, жалпы курамдын колдоосу менен бекитилген https://drive.google.com/file/d/17EZQxEAQSdSUImk-pJGpe3kuCj6scqU4/view . Институттун иш планы ОшМУнун миссиясына ылайык келет жана кадрларды даярдоонун сапатын жогорулатууга багытталган иш-чараларды камтыйт. Бул стратегия ББПнын

ишмердүүлүгүн багыттап, анын максаттарына жетүү үчүн ресурстарды натыйжалуу колдонууга мүмкүндүк берет.

Документтерди изилдөө жана маектешүү учурунда алынган маалыматтарды эске алуу менен, комиссия университеттин миссиясы жана стратегиясы билим берүү программасы аркылуу натыйжалуу ишке ашырылып, туруктуу өнүгүүнү жана билим берүү сапатынын стандарттарына шайкеш келүүсүн камсыз кыларын көрө алды.

Өзүн-өзү баалоо боюнча отчеттун, SWOT анализ/берилген далил базасы/интервью өткөрүлгөн жыйынтыктардын алкагында алынган маалыматтарды эске алуу менен эксперттик комиссия төмөнкү тыянактарга келди:

***Артыкчылыктары:***

1. Так аныкталган, расмий бекитилген жана бардык кызыкдар тараптарга жеткиликтүү миссия.
2. Миссиянын мазмунун түшүндүрүү жана жайылтуу боюнча системалуу иштер жүргүзүлгөн жана жүргүзүлүүдө.
3. Билим берүү программасынын максаттары университеттин миссиясы менен толук шайкеш келет.
4. ББПнын Өнүктүрүү стратегиясы ОшМУнун жалпы өнүгүү стратегиясына ылайык түзүлгөн.

***Сунушталган чаралар:***

1. ББПнын Өнүктүрүү стратегиясынын мониторинг механизмин күчөтүү жана анын натыйжаларын системалуу түрдө талдап туруу.
2. Миссиянын ишке ашуусуна мониторинг жүргүзүүчү сапаттык көрсөткүчтөрдү так аныктоо.

***Милдетүү түрдө аткарылышы керек болгон сунуштар:***

1. Миссиянын ишке ашуусун чагылдырган көрсөткүчтөрдү жана индикаторлорду түзүп, жылдык отчеттук формаларга кошуу.
2. Билим берүү программасын Өнүктүрүү стратегиясын туруктуу негизде баалоого жана кайра кароого магистранттардын, иш берүүчүлөрдүн өкүлдөрүн киргизүү.

***Комиссиянын Стандарт 1 боюнча чечими – билим берүү программасынын ишмердүүлүгү EdNet агенттигинин ушул стандартына: Толугу менен туура келет***

## *2-СТАНДАРТ. САПАТТЫ КАМСЫЗДОО САЯСАТЫ ЖАНА СИСТЕМАСЫ.*

***Стандарттын аныктамасы***

***Бул стандартка ылайык, билим берүү программасы академиялык сапатты камсыздоо саясатына жана системасына карата талаптарды аныктап, анын түзүлүшү жана ишке ашырылышы боюнча сапатты кепилдөө механизмдерин камтышы керек. Сапатты***

***кепилдөө тутумуна ылайык, билим берүү уюму сапатты тыштан камсыздоо процедураларын үзгүлтүксүз негизде өткөрүп туруунун жана ББПны тынымсыз өркүндөтүүнү караштырат.***

***Ички кызыкдар тараптар бул саясатты тышкы стейкхолдерлерди тартуу менен тиешелүү структуралар жана процесстер аркылуу иштеп чыгышы жана ишке ашырышы керек.***

***Билим берүү уюму программаларды көзөмөлдөөнү жана мезгил-мезгили менен карап чыгууну ишке ашыруусу зарыл. Бул аракеттер коюлган максаттарга жетүүнү жана студенттер менен коомдун муктаждыктарына ылайык келүүнү камсыз кылат. Карап чыгуу жыйынтыктары программаларды үзгүлтүксүз жакшыртууга багытталган болушу керек. Ар кандай пландалган иш-аракеттер же алынган жыйынтыктар бардык кызыкдар тараптарга маалымдалышы зарыл.***

***Программаны ишке ашыруу процессинде академиялык эркиндик жана академиялык чынчылдык принциптери сакталышы керек. ББПнын ички кызыкдар тараптары сапатты кепилдөө үчүн биргелешкен жоопкерчиликти сезишет.***

***Билим берүү программасын ишке ашыруу алкагында билим берүү программасынын Окуу натыйжаларынын максаттары менен мазмунун кайра карап чыгуу жана өзгөртүүлөрдү киргизүү механизми, ошондой эле Окуу натыйжаларына жетүү жана билим берүү программасын өркүндөтүү үчүн окуу процессин мониторинг кылуу, баалоо жана оңдоо механизми аныкталышы керек.***

***Программаны ишке ашыруу учурунда бардык кызматкерлердин ишинин натыйжалуулугун тийиштүү баалоо камсыз кылынат жана профессордук-окутуучулар курам менен административдик персоналдын компетенттүүлүгүн жана ишмердүүлүгүн көзөмөлдөө, баалоо жана өркүндөтүү механизми иштейт.***

***Ички кызыкдар тараптардын канааттануу деңгээлин баалоо механизмдери ББП сапатын жакшыртууга багытталган.***

***Стандартка Колдонмо***

*Саясат жана процесстер билим берүү уюмунун сапатты камсыздоо тутумунун негизги өзөгүн түзөт, бул үзгүлтүксүз өркүндөтүү цикли болуп саналат жана билим берүү уюмунун жоопкерчиликтүүлүгүн камсыздоого көмөктөшөт. Булардын бардыгы билим берүүнүн сапаты үчүн жоопкерчиликти бардык ички кызыкдар тараптар өзүнө алган жана окуу жайдын бардык деңгээлдеринде сапатты камсыздоо процесстерине катышкан сапат маданиятын өнүктүрүүгө колдоо көрсөтөт. Бул процессти илгерилетүү үчүн саясат расмий макамга ээ жана коомчулук үчүн жеткиликтүү.*

*Сапатты камсыздоо жаатындагы саясат билим берүү уюму иш алып барган улуттук контекстти, ошондой эле окуу жайдын ички контекстин жана анын стратегиялык жолун эске алуу менен илимий изилдөөлөр, окутуу жана үйрөтүүнүн ортосундагы байланышты чагылдырып, дагы натыйжалуу болот.*

*Билим берүү программаларын үзгүлтүксүз мониторинг кылуу, карап чыгуу жана кайра иштеп чыгуу натыйжалары программаларды үзгүлтүксүз жакшыртууга алып келиши керек.*

*Билим берүү уюму/Билим берүү программасы мыйзамдарга ылайык, белгиленген мезгилдерде сапатты тышкы камсыздоо процедураларына катышууга тийиш.*

*Билим берүү уюму/Билим берүү программасы сапатты тышкы камсыздоонун акыркы процедурасынан бери жетишилген прогрессти кийинки процедурага даярданууда эске алуу үчүн аракет кылууга тийиш.*

***Жалпы баа***

Стандарттын мазмунун талдоо көрсөткөндөй, 600200 "Туризм" билим берүү программасында билим берүүнүн сапатын камсыздоо боюнча комплекстүү жана системалуу саясат ишке ашырылууда. Бул саясат билим берүү ишмердүүлүгүнүн бардык негизги элементтерин камтыйт. Университеттин расмий сайтында сапат менеджмент системасын өркүндөтүү боюнча иш-чаралар планы, ички жана тышкы аудиттердин пландары, сертификаттар жана нормативдик документтер боюнча толук маалымат жайгаштырылган.

Сапат саясатын ишке ашыруу процесстерин тастыктаган документтер университеттин расмий сайтына жайгаштырылып, ачык маалымат мейкиндигинде жеткиликтүү. Бул документтерге окуу жайдын кызматкерлери менен студенттер эле эмес, иш берүүчүлөр жана башка кызыкдар тараптар да ачык түрдө кире алышат. ОшМУда бекитилген сапатты башкаруу системасы аркылуу бул маалыматтар бардык окуу жана кызмат көрсөтүүчү бөлүмдөргө жеткирилет. Ушунун негизинде эксперттик комиссия билим берүү программасында университеттин стратегиялык максаттарын жана бардык кызыкдар тараптардын кызыкчылыктарын чагылдырган, натыйжалуу сапатты камсыздоо системасы ишке ашырылып жатканын белгилейт.

Профессордук-окутуучулук курамы, административдик-башкаруу персоналы жана студенттер менен болгон маектешүүлөрдүн жүрүшүндө комиссия билим берүү процессинин катышуучулары сапат саясаты жөнүндө жакшы маалымдар экенин, анын ишке ашырылышына активдүү катышаарын жана билим берүүнүн сапатын камсыздоодо өз жоопкерчилигин түшүнөрүн аныктаган.

Эксперттик комиссия университетте сапатты камсыздоо боюнча расмий саясат аныкталганын жана ал нормативдик документтерде бекитилип, бардык кызыкдар тараптар үчүн жеткиликтүү экенин тастыктайт. Ош мамлекеттик университетинин 2023–2026-жылдарга карата «Туруктуу өнүгүүнүн модели» аттуу стратегиялык өнүгүү программасында негизги милдеттердин катарында төмөнкүлөр белгиленген: О.1-милдет – Илимий изилдөөлөрдүн сапаты; О.3-милдет – Сапаттуу окутуу

https://www.oshsu.kg/storage/uploads/files/21708594193Osh_mamlekettik_universitetinin_2023-2026-zhyldarga_turuktuu_onuguu_modeli.pdf.

Мындан тышкары, жогорку окуу жай тарабынан кадрдык потенциалды чыңдоо үчүн

мотивациялык система түзүлгөн https://www.oshsu.kg/ru/page/210.

Билим берүү программасы академиялык эркиндик жана академиялык адилеттүүлүк принциптеринин негизинде ишке ашырылат. Бирок, документтерди изилдөө учурунда https://www.oshsu.kg/storage/uploads/files/21684124788ilovepdf_merged_(1).pdf шилтемесиндеги документ жаңыртылбаганы, жана ага автоматташтырылган MyEdu маалыматтык системасы тууралуу маалыматтын кошулбаганы аныкталды. Ошондой эле, тарбиялык жана маданий иш-чараларга арналган куратордук пландын иш-чараларында академиялык адилеттүүлүк жана академиялык эркиндик маселелери өзүнчө пункт катары көрсөтүлгөн эмес. Интервью учурунда магистранттар окутуунун сапатын жогорулатуу максатында көбүрөөк практика багытындагы сабактарга жана жумуш ордунда окутууга муктаж экенин белгилешти.

Тышкы эксперттик комиссиянын ОшМУда жүргөн маалында билим берүү программасы үзгүлтүксүз жаңыртылып тураары, дидактикалык материалдар жыл сайын рецензиядан өткөрүлүп турганы аныкталды.

Берилген документтердин негизинде комиссия билим сапатын камсыздоо саясатына үзгүлтүксүз мониторинг, анкеталоо, кайтарым байланыш алуу жана билим берүү программаларынын мазмунун жана окуу процессин оңдоо иштери кирерин белгиледи.

Билим берүү программасында академиялык эркиндик жана академиялык адилеттүүлүк принциптери ишке ашырылат, бул жергиликтүү актылар жана алдын алуу иш-чараларынын үзгүлтүксүз жүргүзүлүшү менен ырасталат. ОО/ОПтун ишмердүүлүгүн талдоо билим берүү программасынын максаттары менен мазмунун кайра кароо, мониторинг жүргүзүү, баалоо жана окуу процессин оңдоо боюнча так аныкталган механизмдер бар экенин көрсөттү.

Эксперттик комиссия төмөнкүлөрдү тастыктайт: кызматкерлердин, анын ичинде ПОК жана административдик курамдын ишинин натыйжалуулугун баалоонун ылайыктуу системасы ишке ашырылып жатат, ошондой эле компетенттүүлүктү жогорулатуу механизми бар. ОП тарабынан ички стейкхолдерлердин канааттануусун баалоо механизмдери ишке киргизилген (сурамжылоолор, талкуулар, анкеталоо).

Өзүн-өзү баалоо отчетундагы, документтерди изилдөө жана жүргүзүлгөн интервьюлардан алынган маалыматтарды эске алуу менен комиссия төмөнкү тыянактарга келди:

***Артыкчылыктар:***

1. Сапатты камсыздоо боюнча расмий бекитилген саясаттын жана анын мониторинг системасынын болушу.
2. Сапатты кепилдөө процесстерине магистранттардын жана башка кызыкдар тараптардын кеңири катышуусу.
3. Коррупциянын алдын алуу жана академиялык ак ниеттүүлүктү камсыз кылуу боюнча натыйжалуу чаралар.

***Сунушталган чаралар:***

1. Баалоонун бардык формаларынын интеграциясын камсыз кылуу менен сапат көрсөткүчтөрүнө мониторинг жүргүзүү үчүн санариптик платформаны бекемдөө.
2. Сапатты кепилдикке алуу системасынын маселелери боюнча кафедра аралык жана институттар аралык тажрыйба алмашууну жүргүзүү.
3. Магистранттардын өз ара байланышына жооп катары көрүлгөн чаралардын натыйжалары жөнүндө маалымдуулугун жогорулатуу.

***Милдеттүү түрдө аткарылышы керек болгон сунуштар:***

1. "ОшМУнун академиялык саясатын" MyEdu автоматташтырылган маалымат системасы жөнүндө маалыматты киргизүү менен жаңылоо зарыл.
2. ББПнын Өнүктүрүү стратегиясынын сапат боюнча пункттары ишке ашырылышы үчүн, интервьюлардын жыйынтыктарын эске алып, окуу процесстерине практикага багытталган окутуу/иш ордундагы окутуу элементтерин киргизүү зарыл. Магистранттарды реалдуу жумуш шарттарында даярдоо, алардын практикалык көндүмдөрүн жакшыртуу, теория менен практика ортосундагы байланыштарды күчөтүү жана иш берүүчүлөр менен тыгыз кызматташтыкты түзүү билим берүү сапатын жогорулатууга жардам берет.

***Комиссиянын Стандарт 2 боюнча чечими – билим берүү программасынын ишмердүүлүгү EdNet агенттигинин 2 стандартына: Көп даражада дал келет***

## *3-СТАНДАРТ. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫНЫН МАКСАТТАРЫ ЖАНА ОКУУ НАТЫЙЖАЛАРЫ.*

| |
|---|
| ***Стандарттын аныктамасы***<br><br>***Бул стандартка ылайык, билим берүү программасы так аныкталган жана бекитилген окуу Максаттарын жана Натыйжаларын камтышы керек, алар билим берүү программасынын стейкхолдерлеринин (керектөөчүлөрдүн/кызыкдар тараптардын) талаптарын жана суроо-талаптарын эске алып, билим берүү уюмунун миссиясына шайкеш келиши зарыл.***<br><br>***Окуунун натыйжалары деп, билим берүү программасын аяктагандан кийин магистранттын билимин, жөндөмдөрүн жана көндүмдөрүн колдонуу жөндөмдүүлүгүн (компетенцияларын) түшүнүүгө болот.***<br><br>***Окуунун натыйжалары билим берүү программасынын максаттарына, квалификациялардын улуттук алкагына жана мамлекеттик билим берүү стандарттарына шайкеш келиши жана жооп бериши зарыл*** |
| ***Стандартка Колдонмо***<br><br>*Окуу Максаттары жана окуу Натыйжалары билим берүү программасын өнүктүрүүнүн негизги түзүүчү бөлүктөрүнүн бири болуп саналат. Стейкхолдерлердин, айрыкча иш берүүчүлөрдүн, окуу максаттарын жана окуу Натыйжаларын түзүүгө катышуусу көз карандысыз аккредитациянын негизги талаптарынын бири болуп эсептелет. Билим берүү программасы* |

*күткөн окуу Натыйжаларына жетишилгенин жана билим берүү программасынын окуу процессинин натыйжага багытталгандыгын көрсөтүүгө тийиш.*

*Окуу Максаттары жана окуу Натыйжалары жогрку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарттарга каршы келбейт, тескерисинче, алардын өркүндөтүлүшүнө өбөлгө түзөт.*

*Окуу Натыйжалары аркылуу билим берүү программасы өзүнүн уникалдуулугун конкреттүү билим берүү уюмунда көрсөтө алат*

***Жалпы баа***

Стандарттын мазмунун талдоо көрсөттү: 600200 Туризм магистратура багыты боюнча ОшМУнун билим берүү программасында стейкхолдерлердин талаптары жана сунуштары эске алынуу менен түзүлгөн жана бекитилген максаттар жана окуу натыйжалары бар.

ОшМУда магистратуранын ББПсы боюнча керектөөчүлөрдүн талаптарын жана суроо-талаптарын аныктоо жана бекитүү боюнча системалуу процедура иштелип чыккан: максаттарын жана ОН долбоорун иштеп чыгуу, стейкхолдерлердин сунуштарын талкуулоо жана долбоорду бекитүү, расмий түрдө бекитүү. Натыйжада 600200-Туризм багыты боюнча “магистр” академиялык даражасын ыйгаруу үчүн даярдалган НББПсынын максаты, ОНры ОшМУнун илим, билим, тарбия берүү, өнүктүрүү багытындагы жана эмгек рыногундагы суроо-талаптарды эске алуу менен кабыл алган миссиясына толук жооп берет. Талкуулоо жана бекитүү процедуралары боюнча жыйындардын протоколдору көрсөтүлгөн.

Ар түрдүү респонденттер менен маектешүү учурунда комиссия ички жана тышкы стейкхолдерлер ачык экендигин жана диалог жүргүзүүгө даяр экендигин аныктаган. Бул алардын магистратура программасы менен үзгүлтүксүз байланышта болуп турганы аркылуу далилденет. Иш берүүчүлөр маектешүү учурунда Туризм багытындагы магистратуранын студенттеринин компетенция деңгээли бакалаврларга караганда жогору экенин белгилешти. Мындай айырмачылыкты ар кандай квалификациядагы студенттер менен иштеген учурда гана аныктоого болот. Ошондой эле студенттер илимий изилдөөлөрдүн темаларын сунуштай алышат, мисалы, генеологиялык туризмди изилдөө сыяктуу. Бүтүрүүчүлөр алган компетенциялары өз адистиги боюнча да, башка тармактарда (педагогикалык чөйрөдө) да ийгиликтүү иштөөгө мүмкүнчүлүк бергенин белгилешти. Жыйынтыгында тандоо курсу боюнча НББПга стейхолдерлер сунуштаган предметтер киргизилди.

Өзүн-өзү баалоо отчетунда «Туризм» билим берүү программасынын максаттары жана натыйжалары боюнча стейкхолдерлердин катышуусун ырастаган далилдүү материалдар жана шилтемелер берилген. Атап айтканда, 2020-2024-жылдар аралыгында кызыкдар тараптар менен тегерек столдор жана жыйналыштар өткөрүлгөн. Бул иш-чаралардын протоколдору жана тиешелүү документтер менен материалдарга шилтемелер отчетто жеткиликтүү, бул программаны иштеп чыгуу жана ишке ашырууда стейкхолдерлердин пикирин эске алуунун ачык-айкындуулугун жана системалуу мамилени камсыздайт.

Өзүн-өзү баалоо отчетунда окуу натыйжалары талкууланган иш берүүчүлөрдүн, бүтүрүүчүлөрдүн, магистранттардын жана профессордук-окутуучулук курамдын өкүлдөрү так жана кенен көрсөтүлгөн.

Өзүн-өзүн баалоо отчетунда билим берүү программасынын максаттарын жана окуу натыйжаларын талкуулоого катышкан стейкхолдерлердин статистикасы көрсөтүлгөн. Тактап айтканда, иш берүүчүлөр тараптан 36 катышуучу тартылган, алар туристтик фирмаларды, жайгаштыруу ишканаларын, тамак-аш мекемелерин жана башка уюмдарды өкүлчүлүк кылышкан.

Билим берүү программасы боюнча кабыл алынган чечимдердин жана талкуулардын негиздүүлүгүн көрсөтүү үчүн Окуу-методикалык кеңештердин жана Окумуштуулар кеңешинин протоколдору колдонулган.

Туризм магистратура багытындагы билим берүү программасында үч негизги максат жана алты окуу натыйжасы аныкталган. Ар бир максатка жетүү үчүн окуу натыйжалары тең салмактуу бөлүштүрүлгөн.

Өзүн-өзү баалоо отчетунун көрсөтмөсүнө караганда, ар бир натыйжа максаттарга жетүү үчүн бирдей бөлүштүрүлүп коюлган. Биринчи максат окуу натыйжалары 1 жана 2 аркылуу, экинчи максат — окуу натыйжалары 3 жана 4 аркылуу, ал эми үчүнчү максат — окуу натыйжалары 5 жана 6 аркылуу жетилет. Бирок, эксперттик анализдин жыйынтыгында, берилген окуу натыйжалары ошондой эле Туризм билим берүү программасынын башка көрсөтүлгөн максаттарына жетүүгө көмөктөшө алаары белгиленди.

Мисалга алсак, экинчи окуу максаты 1 жана 2-окуу натыйжалары аркылуу ишке ашырылышы мүмкүн, анткени экинчи максаттын мазмунунда илимий-изилдөө багытына басым жасалган. Ошол эле учурда 1 жана 2-окуу натыйжалары илимий изилдөөлөрдү баалоо, илимий ишмердүүлүктө заманбап технологияларды колдонуу, ошондой эле туризм тармагында изилдөөлөрдүн натыйжаларын отчет, басылма жана талкуу түрүндө сунуштоо боюнча компетенцияларды конкреттештирет.

Андан ары анализ көрсөткөндөй, үчүнчү окуу максаты үчүнчү окуу натыйжасынын эсебинен жетишилет, анткени бул максат жумшак көндүмдөрдү (soft skills) жана кесиптик компетенцияларды (hard skills) өнүктүрүүгө багытталган, ал эми үчүнчү окуу натыйжасы дал ушул компетенцияларды калыптандырууну чагылдырат.

Магистратуранын «Туризм» билим берүү программасы боюнча бир гана профил — «Эл аралык туризм» ишке ашырылат.

«Туризм» билим берүү программасы «Эл аралык туризм» профили боюнча ишке ашырылууда, бирок окуу максаттарында жана натыйжаларында эл аралык туризмге багытталуусу жетишерлик так чагылдырылган эмес. Негизинен, эл аралык аспектке басым бир гана окуу натыйжасында (окуунун 3-натыйжасы) берилген, анда маданияттар аралык айырмачылыктарды көрсөтүү боюнча компетенция формулировкаланган. Ошол эле учурда, билим берүү программасында эл аралык туризм багытын толук интеграциялоо үчүн, окуу максаттарында жана башка окуу натыйжаларында да эл аралык компонентти кеңейтүү жана конкреттештирүү зарыл.

Эксперттик комиссия Окуу натыйжалары билим берүү программасынын максаттарына, мамлекеттик билим берүү стандарттарына жана квалификациялык талаптарга көбүрөөк

шайкеш келет деп эсептейт. Өз кезегинде, Окуу натыйжаларынын жетишүүгө мүмкүнчүлүгү бар экендигин белгилей кетүү керек.

Тапшырылган документтерди талдоонун жыйынтыктарын жана интервью жүргүзүү материалдарын эске алуу менен, эксперттик комиссия 600200 "Туризм" билим берүү программасы компетенттүүлүккө негизделген ыкманын негизинде иштелип чыккан жана ишке ашырылып жатат деген негиздүү тыянакка келди.

Өзүн-өзү баалоо отчетунун, SWOT-талдоонун жыйынтыктарынын, берилген далил базасынын материалдарынын жана маектешүү учурунда алынган маалыматтардын негизинде эксперттик комиссия төмөнкү тыянактарды чыгарды.

**Артыкчылыктар:**

1. Билим берүү программасы 600200 «Туризм» магистратурасы аныкталган максаттарга жана күтүлүүчү окуу натыйжаларына ээ, алар сырткы жана ички стейкхолдерлердин сунуштары жана талаптары эске алынып иштелип чыккан.
2. Билим берүү программасы магистранттарды квалификациялык талаптарга жана эмгек рыногунун талаптарына ылайык ийгиликтүү даярдайт. Иш берүүчүлөр магистранттардын туризм чөйрөсүндө көбүрөөк татаал тапшырмаларды чечүү үчүн зарыл болгон билимдерге жана жөндөмдөргө ээ экенин белгилешет, бул аларды бакалавриат бүтүрүүчүлөрүнөн айырмалап турат, квалификациялык талаптарга жана эмгек рыногунун талаптарына ылайык.
3. ОшМУда магистратуранын ББПсы боюнча керектөөчүлөрдүн талаптарын жана суроо-талаптарын аныктоо жана бекитүү боюнча системалуу процедура иштелип чыккан

**Сунушталган чаралар:**

1. Туризм багыты боюнча «Эл аралык туризм» профилин камтыган билим берүү программасынын максаттары жана окуу натыйжалары эл аралык туризмдин өзгөчөлүктөрүн, маданияттар аралык айырмачылыктарды жана бул тармактагы глобалдык тенденцияларды так чагылдырышы керек. Максаттар жана окуу натыйжаларына эл аралык кызматташтык, маданияттар аралык коммуникация жана заманбап технологияларды глобалдык контекстте колдонуу сыяктуу аспектилерди кошуу максатка ылайык.

   Билим берүү программасынын максаттарына жетүү контекстинде окуу натыйжаларын бөлүштүрүүнү кызыкдар тараптардын катышуусундагы биргелешкен жыйында кайра карап чыгуу жана тактоо сунушталат.
2. "Международный туризм" билим берүү программасынын максаттары жана окуу натыйжалары иштелип чыгууда эл аралык туризмдин өзгөчөлүктөрүн, маданияттар аралык айырмачылыктарды жана ушул тармактагы глобалдык тенденцияларды так чагылдыруу зарыл. Максаттар жана окуу натыйжалары мындайча толукталгандыгы абзел, алар эл аралык кызматташтыкты, маданияттар аралык коммуникацияны жана глобалдык контекстте заманбап технологияларды колдонууну камтышы керек.
3. Стейкхолдерлердин катышуусунда өткөрүлүүчү жыйында билим берүү программасынын максаттарына жетүү контекстинде окуу натыйжаларын бөлүштүрүүнү кайра карап чыгуу жана тактоо сунушталат.

**Милдеттүү түрдө аткарылышы керек болгон сунуштар:**

1. Стейкхолдерлердин катышуусунда өткөрүлүүчү жыйында «Эл аралык туризм» профилине багытталган билим берүү программасынын максаттарын жана окуу

натыйжаларынын формулировкаларын кайра карап чыгып, тактоо, аларды багыттын өзгөчөлүгүнө толук ылайык келтирүү сунушталат.

2. Стейкхолдерлердин катышуусунда өткөрүлүүчү жыйында билим берүү программасынын максаттарына жетүү контекстинде окуу натыйжаларын бөлүштүрүүнү кайра карап чыгуу жана тактоо сунушталат.

***Комиссиянын Стандарт 3 боюнча чечими – билим берүү программасынын ишмердүүлүгү: Көп даражада дал келет EdNet агенттигинин ушул стандартына.***

## *4-СТАНДАРТ. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫН ИШТЕП ЧЫГУУ, БЕКИТҮҮ ЖАНА АНЫН МАЗМУНУ, СТУДЕНТКЕ БАГЫТТАЛГАН ОКУТУУГА ШАРТ ТҮЗҮҮЧҮ ОКУУ ПРОЦЕССИ. СТУДЕНТТЕРДИН ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИ ЖАНА БААЛАНЫШЫ.*

***Стандарттын аныктамасы***

***Бул стандартка ылайык, билим берүү уюмдары өз программаларын иштеп чыгуу жана бекитүү процедураларына ээ болушу керек. Билим берүү программалары белгиленген максаттарга ылайык иштелип чыгышы зарыл.***

***Билим берүү программасынын түзүмү жана мазмуну Окуу натыйжаларын камсыздоого тийиш. Билим берүү программасынын ичинде дисциплиналар жана алардын логикалык ырааттуулугу так аныкталган, кредиттердин саны Билим берүү программасынын алкагында белгиленген дисциплиналарга туура келет.***

***Колдонулган окутуу формалары жана ыкмалары, ишке ашырылып жаткан Билим берүү программасы бардык магистранттардын Окуу натыйжаларына жетишүүсүнө кепилдик бериши керек.***

***Программаны өздөштүрүүнүн натыйжасында алынган квалификация так аныкталып жана түшүндүрүлүп, улуттук квалификациялар түзүмүнүн белгилүү бир деңгээлине ылайык келиши керек.***

***Программа магистранттарды окуу жараянын биргелешип түзүүгө активдүү катышууга шыктандырышы зарыл, ал эми магистранттардын жетишкендиктерин баалоо ушул ыкманы чагылдырышы керек.***

***Билим берүү уюму / Билим берүү программасы магистранттын "өмүр циклинин" бардык этаптарын – атап айтканда, кабыл алуу, академиялык ийгилик, бүтүрүү жана таанылуусун – камтыган алдын ала аныкталган жана жарыяланган эрежелерди бирдей колдонушу зарыл.***

***Билим берүү программасында колдонулган ыкмалар дисциплиналардын/модулдардын/программалардын Окуу натыйжаларын ачык, объективдүү жана адекваттуу баалоону камсыз кылууга тийиш.***

***Билим берүү программасы инновациялык практикаларды киргизүүнү, практика уюштурууну, магистранттардын өз алдынча иштерин, магистранттардын илимий-***

***изилдөө иштерин жана башка Окуу натыйжаларына жетишүүнү камсыз кылуучу иш-чараларды камтыйт.***

***Магистранттарга аналитикалык жана сынчыл ой жүгүртүү принциптерин үйрөтүү каралган.***

***Магистранттардын жеке өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен ийкемдүү окуу траекторияларын ишке ашырууга мүмкүнчүлүк түзгөн жагымдуу билим берүү чөйрөсү түзүлүшү керек.***

***Магистранттар менен окутуучулардын ортосундагы өз ара аракеттенүү магистранттын инсандыгына урмат-сый көрсөтүүнү камсыздайт.***

***Билим берүү программасы магистранттардын Окуу натыйжаларына толук жетишүүсүн камсыз кылуу үчүн маалыматтык-билим берүү, илимий-изилдөө жана окуу-усулдук ресурстар (усулдук колдонмолор, китептер, электрондук ресурстар, кошумча адабияттар) менен камсыз болушу керек.***

***Академиялык мобилдүүлүк маанилүү фактор болуп саналат, ал магистранттардын окуу планынын бир катар дисциплиналарын башка өлкөлөрдүн же өлкөнүн Билим берүү уюмдарында окуп-үйрөнүүсүн, практикаларды жана стажировкаларды өтүүсүн карайт.***

***Билим берүү программасы башка университеттер жана илимий мекемелер менен өнөктөштүктү өнүктүрүп, магистранттарга башка университеттердин ресурстарына жетүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылат.***

***Стандартка Колдонмо***

*Билим берүү программалары билим берүү уюмдарынын билим берүү миссиясынын өзөгүн түзөт. Алар магистранттарга академиялык билимдерди жана маанилүү көндүмдөрдү, анын ичинде алардын инсандык өнүгүүсүнө таасир эте турган жана келечектеги карьерасында колдонсо болот.*

*Студенттерге багытталган окутуу жана окутуу мотивацияны, өз алдынча ой жүгүртүүнү жана магистранттардын окуу процессине катышуусун өнүктүрүүдө маанилүү роль ойнойт. Бул процесс окуу планын иштеп чыгууга жана тапшырууга, ошондой эле окуунун натыйжаларын баалоого тең салмактуу мамилени талап кылат.*

*Магистранттарга академиялык карьерасын өнүктүрүү үчүн зарыл болгон шарттарды жана колдоону камсыз кылуу жеке магистранттардын, программалардын, мекемелердин жана системалардын эң жакшы кызыкчылыктарын эске алуу менен жасалышы керек. Магистранттарды кабыл алуу, таануу жана аяктоо жол-жоболору белгиленген максаттарга жооп бериши абдан маанилүү, айрыкча магистранттардын өлкө ичинде жана эл аралык деңгээлде мобилдүүлүгүнүн чөйрөсүндө.*

*Кирүү саясаттары, процесстери жана магистранттарды кабыл алуу критерийлери бирдиктүү жана ачык-айкын түрдө ишке ашырылышы маанилүү. Жогорку окуу жайына кабыл алынгандан кийин магистранттарга университетке жана билим берүү программасына ылайыкташуу мүмкүнчүлүгүн берүү керек.*

*Мекемелер магистранттардын жетишкендиктери боюнча маалыматты чогултуу, көзөмөлдөө жана көзөмөлдөө процесстерин жана инструменттерин ишке ашыруусу керек.*

*Жогорку билим берүүнүн квалификациясын, окуу мөөнөттөрүн жана мурунку билимин объективдүү таануу, анын ичинде формалдуу эмес жана формалдуу эмес окутууну таануу магистранттардын окуу процессинде прогрессти камсыз кылуунун жана ошол эле учурда мобилдүүлүккө көмөктөшүүнүн ажырагыс бөлүгү болуп саналат.*

*Бүтүрүү магистранттын билим алуу мезгилинин туу чокусун билдирет. Магистранттар жетишилген квалификацияны түшүндүргөн тиешелүү документтерди, анын ичинде жетишилген окуу натыйжаларын, алынган билимдин контекстти, деңгээлин, мазмунун жана статусун, ошондой эле ийгиликтүү аяктагандыгынын далилдерин алышы керек.*

**Жалпы баа**

Эксперттик комиссия сунушталган материалдарды изилдеп, ички жана тышкы стейкхолддор менен жүргүзүлгөн интервьюлардын жыйынтыктарын эске алуу менен, магистратурадагы билим берүү процесси төмөнкү нормативдик документтерге негизделип түзүлгөн деп тыянак кылды: Билим берүү программасынын паспорту, ЖОЖ ББС 600200 Туризм, ОшМУнун магистратурасы боюнча Жобосу, Абитуриенттерди кабыл алуу эрежелери, Магистранттарды кабыл алуу боюнча Жобо, Магистранттардын практикасын өткөрүү тартиби боюнча Жобо жана башка документтер.

ЖОЖ ББС 600200 Туризм 2021 жылы бекитилген. ОшМУнун магистратурасы тууралуу Жобо 2017-жылы ОшГУнун бюллетенинде жарыяланган.Магистранттардын практикаларын өткөрүү тартиби тууралуу Жобо 2016-жылы ОшГУнун бюллетенинде жарыяланган.Магистранттарды кабыл алуу боюнча Жобо 2022 жылы бекитилген.

ОшМУ тарабынан магистратурадагы билим берүү ишмердүүлүгү боюнча жалпы талаптарды аныктоочу жергиликтүү документтердин болушу жана иштелип чыгышы жакшы практика катары аныкталган.

"Туризм" багыты боюнча магистратура программасында билим берүү документтерине жетүү саясаты университеттин расмий сайты жана MYEDU билим берүү платформасы аркылуу камсыздалган. Ошондой эле студенттерди кабыл алуу процесстери жана критерийлери ОшМУнун жалпы мамлекеттик жана жергиликтүү ченемдик актыларында, анын ичинде "ОшМУнун магистратурасы жөнүндө жобо" жана "ОшМУга магистранттарды кабыл алуу тартиби жөнүндө жобо" документтеринде так көрсөтүлгөн.

Документацияны изилдөө жана маектерди өткөрүү учурунда алынган маалыматтарды талдап чыгып, комиссия мындай жыйынтыкка келди: программада дисциплиналар жана алардын логикалык ырааттуулугу толук аныкталган, ошондой эле билим берүү программасынын алкагында белгиленген дисциплиналарга туура келген кредиттердин саны камсыздалган.

Тапшырылган материалдарды талдоонун негизинде эксперттик комиссия Билим берүү программасы Негизги билим берүү программалары тууралуу Жободо коюлган талаптарга ылайык түзүлгөндүгүн, бул факты "Туризм" багытынын "Эл аралык туризм" профили боюнча Билим берүү программасынын Паспортунда чагылдырылган маалыматтар менен ырасталарын белгилейт.

Берилген материалдарды талдоо жыйынтыгында, билим берүү программасында жеткиликтүүлүк саясаты, ошондой эле студенттерди кабыл алуу процессинин жана критерийлеринин каралгандыгы аныкталды. Бул талаптар «Туризм» багыты боюнча магистратуранын Мамлекеттик билим берүү стандарты, абитуриенттерди кабыл алуу эрежелери жана Ош мамлекеттик университетинин магистратурага кабыл алуу

жөнүндөгү Жобосу менен жөнгө салынат. Өзүн-өзү баалоо отчетунда белгиленгендей, 600200 «Туризм» (магистр даражасы) билим берүү программасы абитуриенттерге коюлуучу талаптарды тиешелүү багыттар боюнча жогорку билими жөнүндө дипломдун негизинде жөнгө салат: ЕНО (география, биология, химия), туризм, аймак таануу, геология, менеджмент, лингвистика, англис тили, эл аралык мамилелер. Бул билим берүү программасына тапшыруучу абитуриенттерге коюлган талаптар аныкталган. Кабыл алынган магистранттардын бул программасы менен окуй алуусу үчүн талап кылынган билимдерге ээ экенин далилдеңиз. 600200 туризм магистр ОП ОшМУнун №28 бюллетенинин негизинде окуунун экинчи циклине абитуриенттерге талаптар саясатын аныктайт жана ишке ашырат. Кабыл алуу саясаты, процедуралары жана критерийлери бирдиктүү жана ачык-айкын түрдө ишке ашырылат. Өзүн-өзү баалоо отчетунда жана сунушталган документтерде көрсөтүлгөндөй, кабыл алуу саясаты, процедуралары жана критерийлери бирдиктүү жана ачык-айкын аткарылат. Абитуриенттер менен маектешүү окуу жайдын жетекчилиги жана тиешелүү профессордук-окутуучулук курамы тарабынан жүргүзүлөт. Маектешүү эркин атмосферада, суроо-жооп форматында өтүп, абитуриенттин өз оюн оозеки эркин билдирүү, өз көз карашын негиздөө жана талкууга активдүү катышуу жөндөмдүүлүгүн аныктоого багытталган.

Жеткирилген материалдарды жана стейкхолдерлер менен жүргүзүлгөн маектерди талдоонун негизинде, «Туризм» багыты боюнча магистратуранын билим берүү программасында дисциплиналар жана алардын логикалык ырааттуулугу билим берүү программасынын талаптарына ылайык түзүлгөндүгү аныкталды. Ошол эле учурда, окуу планында кесиптик деңгээлде чет тилин билүү компетенциясын (ИК-3) калыптандырууга багытталган дисциплинанын жоктугу белгиленди, бул мамлекеттик компонентте каралган. Тактап айтканда, дисциплиналардын тизмесинде «Кесиптик чет тили» курсу жок, бул даярдоо профилинин жана квалификациялык деңгээлдин талаптарына толук жооп бербейт.

Силлабустарды талдоонун жыйынтыгы төмөнкүдөй натыйжаларды көрсөттү:

1. силлабустарга жүргүзүлгөн экспертизанын жыйынтыгында, окуу планында болгону бир гана дисциплинанын аталышында «Эл аралык туризм» профилине түз шилтеме бар экени аныкталды — бул «Эл аралык туризмдин экономико-географиялык изилдөөлөрү» дисциплинасы. Бул жагдай окуу курстарынын аталыштарында профилдин жетишсиз деңгээлде чагылдырылганын көрсөтөт."
2. Билим берүү программасында туризм тармагындагы эл аралык тажрыйбага, глобалдык тенденцияларга жана туризм жаатындагы эл аралык келишимдерге байланышкан темаларды камтыган дисциплиналар каралган. Мындай дисциплиналарга кирет:«Туристтик ишмердүүлүктү туруктуу өнүктүрүү» жана «Туристтик ишмердүүлүктү укуктук камсыздоо».
3. Силлабустарды талдоонун жыйынтыгында дисциплиналардын пререквизиттери жана постреквизиттери окуу планындагы талаптарга шайкеш келбеген учурлар аныкталды. Мисалы, биринчи семестрдин «Туризмдеги антикризистик башкаруу» дисциплинасында пререквизиттер катары үчүнчү семестрдин «Туризм объектилерин жана системаларын экспертизалоо жана диагностикалоо» жана биринчи семестрдин «Долбоорлоо жана долбоорлорду башкарууну уюштуруу» дисциплиналары көрсөтүлгөн. Мындай туура келбестиктер бир нече мисалда байкалган жана дисциплиналар ортосундагы окуу байланыштарын актуалдаштыруу зарылдыгын көрсөтөт.
4. "Этнографиялык туризм" дисциплинасынын силлабусунда пререквизиттер менен постреквизиттердин ордуна сабактын маанилүүлүгүн негиздеген маалыматтар берилген.

5. Берилген силлабустарды талдоо жыйынтыгы боюнча, көптөгөн дисциплиналарынын сунушталган адабияты акыркы беш жылдын ичинде жаңыртылган эмес. Мисалы, "Социалдык-мәдени чөйрөдөгү долбоорлорду башкаруу" дисциплинасында 2008-жылкы адабият, "Долбоорлорду түзүү жана башкаруу" дисциплинасында 2007 жана 2009-жылдардагы адабият колдонулууда. Ал тургай, актуалдуу деп эсептелген "Туристтик ишмердүүлүктү укуктук камсыздоо" дисциплинасында 2007-жылкы адабият колдонулуп жатат. Бул, окуу процессинин актуалдуулугун жогорулатуу үчүн сунушталган адабияттардын тизмесин жаңыртуунун зарылдыгын көрсөтөт.
6. Жүргүзүлгөн силлабустарды талдоонун жыйынтыгында, кээ бир учурларда окуу жыйынтыктары изилденген темалардын алкагында формалаштырылышы керек болгон бардык компетенцияларды толугу менен камтыбай турганы аныкталды. Мисалы, «Туристтик ишти туруктуу өнүктүрүү» дисциплинасындагы силлабуска РО4 гана жетишүү көрсөтүлгөн, ал туризм тармагындагы процесстердин мониторинги жана натыйжалуулугун баалоо, инновациялык-технологиялык тобокелдиктер, жеке иштөө ыкмалары менен байланыштуу. Бирок дисциплинанын тематикасына ылайык, мүмкүнчүлүк катары РО6 жетишүүгө да болот, ал ден соолукту сактоо, экологияны коргоо жана ресурстарды рационалдуу пайдалануу нормаларын жайылтууга, ошондой эле кызмат көрсөтүүнүн сапатын жакшыртуу жана кардарлар менен мамиле түзүү иш-чараларына катышууга даярдыкты камтыйт. Бул окуу жыйынтыктарында бардык мүмкүн болгон компетенцияларды толук чагылдыруу зарылдыгын көрсөтөт.

Берилген материалдарды талдоонун негизинде аныкталгандай, «Агротуризмди уюштуруу жана башкаруу» дисциплинасынын алкагында чет өлкөлөрдө агротуризмди өнүктүрүү тажрыйбасын үйрөтүүгө арналган ачык сабак уюштурулган. Мындай практика эффективдүү педагогикалык ыкмаларды жайылтууга гана эмес, ар кандай курс жана даярдык деңгээлиндеги студенттердин эл аралык агрардык туризм тармагындагы актуалдуу илимий изилдөөлөргө катышуусун кеңейтүүгө өбөлгө түзөт.

Визит учурунда эксперттик комиссия тарабынан сабактарды көзөмөлдөп катышуу пландалган, бирок визит маалында окуу процессинин графигине ылайык магистранттар практикалык окууда болушканына байланыштуу бул текшерүү элементин ишке ашыруу мүмкүн болгон жок.

Берилген далил базасын жана респонденттер менен болгон маектешүүлөрдүн жыйынтыктарын талдоонун негизинде, билим берүү программасынын алкагында дистанттык билим берүү технологияларын колдонуу аркылуу ийкемдүү билим берүү траекториясын түзүү үчүн шарттар жетиштүү деңгээлде камсыздалганы аныкталды.

Дистанттык технологияларды колдонуу ОшМУнун магистратура боюнча. Жобосу менен жөнгө салынат. https://www.oshsu.kg/storage/uploads/files/21619680677%E2%84%9628_OShMUNUN_MAGISTRATURA_ZhONUNDO_ZhOBO.pdf

Эксперттик комиссия «Туризм» билим берүү программасынын туристтик бизнес чөйрөсүнүн өкүлдөрү менен тыгыз байланышына өзгөчө көңүл бурду. Тактап айтканда, магистранттардын арасында «Сулайман-Тоо» улуттук тарыхый-археологиялык музей комплексинде жана туристтик компанияларда эмгектенгендер бар. Программа өз тарабынан магистранттарга практикалык сабактардын жүрүшүндө жетиштүү деңгээлдеги теориялык билимдерди жана практикалык көндүмдөрдү өздөштүрүү мүмкүнчүлүгүн камсыздайт жана окутуунун жыйынтыктарын жетишүүгө шарт түзгөн кесиптик

практикаларды уюштурууну камсыз кылат.Магистранттардын практикаларын өткөрүү тартиби тууралуу Жобо 2016-жылы ОшМУнун бюллетенинде жарыяланган.

Магистранттар тарабынан аткарылган илимий-изилдөө иштеринин тематикасы учурдагы илимий-изилдөө иштелмелерине болгон муктаждыктарга ылайыктуу жана актуалдуу. Бирок ЭГТЭжТ кафедрасынан темасы: «Кыргызстандын туризмин жана экономикасынын чектеш тармактарын өнүктүрүүнүн жана жайгаштыруунун заманбап көйгөйлөрү». Изилдөө Кыргызстандын аймагында туризм тармагын өнүктүрүү жана жайгаштыруу зарылдыгына жана экономиканын башка тармактарын өнүктүрүүгө жана стимулдаштырууга багытталган туризмдин мультипликативдик эффектисине байланыштуу.

Материалдарды жана кызыкдар тараптар менен болгон маектердин натыйжасында, ОшМУда магистранттардын илимий-изилдөө иши боюнча эффективдүү система уюштурулгандыгы аныкталды, ал биринчи курсанттан башталат. Илимий жетекчилер магистранттарды илимий-изилдөө жана долбоордук иш-аракеттер боюнча консультациялап, программалардын башкаручулар илимий жана инновациялык иштердин жолун жөнгө салышат. Илимий стажировка практикасına өзгөчө маани берилет, бул магистранттарга диссертация темалары боюнча терең иштеп чыгууга жана практикалык тажрыйба алууга мүмкүнчүлүк берет. Ошондой эле, магистранттардын илимий натыйжаларын жарыялоо колдоого алынат. «Туризм» багытынын магистранттарынын илимий макалалары Кыргыз Республикасынын жана КМШ өлкөлөрүндөгү университеттердин илимий журналдарында жарыяланган, бул программанын студенттеринин илимий изилдөө жана профессионалдык даярдыгынын жогорку деңгээлин көрсөтөт.

***Артыкчылыктар:***

1. Магистратуранын билим берүү программасында жеткиликтүүлүк саясаты, ошондой эле ачык кабыл алуу процесстери жана критерийлери каралган. Бул талаптар мамлекеттик жана жогорку окуу жайдын ички нормативдик документтери менен жөнгө салынат.
2. Жеткирилген материалдарды жана стейкхолдерлер менен жүргүзүлгөн маектерди талдоонун негизинде, «Туризм» багыты боюнча магистратуранын билим берүү программасында дисциплиналар жана алардын логикалык ырааттуулугу стейкхолдерлердин талаптарына ылайык түзүлгөндүгү аныкталды.
3. ОшМУда магистратурадагы билим берүү ишмердүүлүгүнө карата жалпы талаптарды аныктоочу локалдык документтердин болушу жана иштелип чыгышы жакшы практика катары бааланган.

***Сунушталган чаралар:***

1. Магистратурага байланыштуу маселелерди жөнгө салуучу локалдык нормативдик документтерди жаңыртуу сунушталат. Бул документтерди жаңылоо билим берүү ишмердүүлүгүнүн заманбап талаптарына ылайык келүүсүн жана билим берүү программаларын ишке ашыруунун эффективдүүлүгүн жогорулатууну камсыздайт.
2. 600200 "Эл аралык туризм" билим берүү программасынын багытын эске алуу менен кафедранын илимий тематикасын кеңейтүү сунушталат. Азыркы учурда илимий изилдөөлөр «Кыргызстандын туризм жана ага чектеш экономика тармактарын өнүктүрүү жана жайгаштыруунун заманбап көйгөйлөрү» темасына топтолгон. Илимий-изилдөө иштерин андан ары өркүндөтүү максатында кафедранын илимий күн тартибине туризмдин эл аралык аспектилерин, заманбап

глобалдык тренддерди, туруктуу өнүгүү маселелерин жана туризм тармагындагы чек ара аралык кызматташтыкты камтыган кеңири маселелерди кошуу максатка ылайык болот.

3. Окуу планында кесиптик деңгээлде чет тилин билүү компетенциясын (ИК-3) калыптандырууга багытталган дисциплинанын жоктугу белгиленди, бул мамлекеттик компонентте каралган. Тактап айтканда, дисциплиналардын тизмесинде «Кесиптик чет тили» курсу жок, бул даярдоо профилинин жана квалификациялык деңгээлдин талаптарына толук жооп бербейт.
4. “Эл аралык туризм" профили боюнча даярдыкты эске алуу менен, тандоо курстары же университеттик компонент боюнча дисциплиналарды кайра карап чыгуу сунушталат, бул программа багытынын окутуу курстарында толук чагылдырылышын камсыз кылат.

***Милдеттүү түрдө аткарылышы керек болгон сунуштар:***

1. "Эл аралык туризм" профили боюнча "Туризм" билим берүү программасына ылайык, университеттик компоненттеги дисциплиналардын окуу натыйжаларын кайра карап чыгып, аларды жалпы максаттарга жана программа жыйынтыктарына ылайык келтирүү сунушталат.

2. Билим берүү стандартынын талаптарына ылайык, "Кесиптик чет тили" дисциплинасын окуу планына киргизүү сунушталат.

3. Ошондой эле силлабустардагы сунушталуучу адабияттарды жаңылоо сунушталат, бул учурдагы эл аралык туризм тармагындагы жаңы изилдөөлөрдү жана тенденцияларды эске алуу менен.

***Комиссиянын Стандарт 4 боюнча чечими – билим берүү программасынын ишмердүүлүгү: Көп даражада дал келет EdNet агенттигинин ушул стандартына.***

## *5-СТАНДАРТ. ПРОФЕССОРДУК-ОКУТУУЧУЛАР КУРАМЫ.*

***Определение стандарта***

***Бул стандартка ылайык, Билим берүү программасынын алкагында окутуучуларынын компетенттүүлүгүнө ишеним болушу керек. Билим берүү программасы кызматкерлерин жумушка алуу жана алардын кесиптик өсүшүн өнүктүрүүдө адилеттүү жана ачык-айкын процесстерди колдонушу зарыл.***

***Профессордук-окутуучулук курамы (ПОК) билим берүү программасы камтыган бардык билим тармактары боюнча адистер менен камсыздалууга тийиш.***

***ПОК тиешелүү негизги билимге ээ болуп, квалификациясын системалуу түрдө жогорулатууга, кошумча билим алууга, стажировкалардан өтүүгө жана башка ушул сыяктуу иш-чараларга катышууга тийиш.***

| |
|---|
| ***Маанилүү факторлордун бири – ПОКтун тиешелүү тармакта иш тажрыйбасынын болушу жана илимий-изилдөө долбоорлорун ишке ашыруу.***<br><br>***ПОК билим берүү программасын жалпы жакшыртууга жана анын айрым дисциплиналарын өркүндөтүүгө жигердүү катышууга тийиш.***<br><br>***Маанилүү факторлордун бири – окутуучулардын кесиптик коомдорго мүчө болуусу, стипендиялар жана гранттарды алуусу.***<br><br>***Окутуучулар илимий-изилдөө, долбоордук жана илимий-методикалык иштерди активдүү аткарышы керек, бул илимий-изилдөө жана илимий-методикалык иштер боюнча отчеттор, илимий конференцияларга катышуу жана илимий басылмалардын болушу менен тастыкталышы зарыл.***<br><br>***Ар бир окутуучу өзүнүн дисциплинасынын окуу планындагы ордун, анын мурунку жана кийинки дисциплиналар менен болгон байланышын билүүгө жана түшүндүрүүгө жөндөмдүү болушу керек. Ошондой эле, ал дисциплинанын адисти калыптандыруудагы окуу натыйжаларын камсыздоодогу ролун так түшүнүшү зарыл.***<br><br>***Билим берүү программасынын алкагында ПОК үчүн чыгармачылык, инсандык жана кесиптик өнүгүү үчүн ыңгайлуу шарттар түзүлгөн.*** |
| ***Стандартка Колдонмо***<br><br>*Окутуучунун ролу жогорку сапаттагы билим берүүнүн жана магистранттардын билимдерди, компетенцияларды жана көндүмдөрдү өздөштүрүүсүнүн негизги фактору болуп саналат. Магистранттардын ар түрдүүлүгү жана окуу натыйжаларына болгон жогорулатылган көңүл студентке багытталган окутууну жана окутуунун жаңы ыкмаларын талап кылат, мында окутуучунун ролу да өзгөрөт.*<br><br>*Жогорку окуу жайлары өз кызматкерлеринин кесипкөйлүгү жана алардын натыйжалуу иштеши үчүн жагымдуу шарттарды түзүү боюнча негизги жоопкерчиликти өзүнө алышы керек. Мындай чөйрө:*<br><br>• *кызматкерлерди жумушка алуунун түшүнүктүү, ачык жана адилеттүү процессин белгилейт жана окутуучулук ишмердүүлүктүн маанилүүлүгүн тааныган иш шарттарын камсыз кылат;*<br>• *профессордук-окутуучулук курамдын кесиптик өнүгүүсүнө мүмкүнчүлүктөр түзүп, аны колдойт;*<br>• *билим берүү менен илимий-изилдөө иштеринин байланышын чыңдоо үчүн илимий ишмердүүлүктү колдойт;*<br>• *окутуу ыкмаларына инновацияларды киргизүүгө жана жаңы технологияларды колдонууга көмөктөшөт.* |

***Жалпы баа***

Өзүн-өзү баалоо отчетунун мазмунун талдоо көрсөткөндөй, “Туризм” багыты боюнча билим берүү программасынын алкагында жана жалпы ОшМУ боюнча университеттин

жетекчилиги тарабынан кадрларды жумушка кабыл алуу жана алардын кесиптик өсүшүн өнүктүрүүдө адилеттүү жана ачык-айкын процесстер колдонулат, бул болсо окутуучулардын компетенттүүлүгүнө болгон ишенимди жогорулатат.

Өзүн-өзү баалоо отчетунда белгиленгендей, мугалимди жумушка алууда бош орунга алдын ала сынак жарыяланып, документтерди тапшыруунун мөөнөтү белгиленет. ОшМУнун кадрдык резервинен ылайыктуу талапкерлер каралат. Конкурстар газета аркылуу жарыяланат. Сынакка билдирмелерди берүүнүн акыркы мөөнөтү кулактандыруу жарыяланган күндөн тартып бир айдан кечиктирбестен, документтерди тапшыруу мөөнөтү аяктагандан кийин тиешелүү органдар өздөрүнүн компетенциясынын алкагында сынак өткөрүшөт. Сынактык тандоону өткөрүү үчүн төмөнкү түзүмдүк элементтер бар: ОшМУнун ректору, Окумуштуулар кеңеши, окуу иштери боюнча проректору, билим берүүнүн сапаты департаменти, университеттин түзүмдүк бөлүмдөрүндөгү сапат боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдөр, Окумуштуулар кеңеши.

Өзүн-өзү баалоо отчетунда ушул негизде ББП төмөнкү процедураларды жана процесстерди камтыйт:

1. Бул талаптарга жооп берген адистерадистиги боюнча тестирлөөдөн өтөт.
2. Андан кийин тиешелүү балл алгандар ОшМУнун аккредитация жана билим берүүнүн сапаты департаментинин жана ОшМУнун окуу-методикалык кеңешинин тандоосунан өтүшөт. Анда окутуучулардын төмөнкү ишмердүүлүктөрү каралат:
   - өзү окуткан дисциплинанын ОМКсын түзө алышы;
   - ошол дисциплина боюнча 1 сабакты пландаштырып, өтүп бере алуусу.
3. Бул ишмердүүлүктөрү атайын критерийлер менен бааланып, ага ылайык тандоодон өткөн окутуучулар 3 айлык, 6 айлыкжана 1 жылдык сыноо мөөнөттөрү менен жумушка алынышат.
4. Жетиштүү баага татыган окутуучулар сыноо мөөнөтүсүз эле алынат. Ушул этаптардан кийин окутуучу факультете ваканттык кызмат орунуна конкурстук шайлоого катышат. Конкурстук шайлоонун шарттары ОшМУнун сайтына, массалык-маалымат каражаттарына жарыяланат.

600200-Туризм багыты боюнча эмгектенген курамдын квалификациясы, илимий-потенциалдык деңгээли билим берүү программасынын талаптарына толук дал келет. Профессордук курамдын жалпы саны – 8, анын ичинде 2 илимдин доктору жана кандидаты, 6 илимдин кандидаттар иштейт.

Эксперттик комиссия «Туризм» багыты боюнча билим берүү программасынын окутуучулар курамы тиешелүү негизги билимге ээ экенин жана кошумча билим алуу, стажировкалар аркылуу өзүнүн квалификациясын системалуу түрдө жогорулатып жатканын белгилейт.

Университеттин жетекчилиги менен болгон маектешүү учурунда комиссия университет кызматкерлеринин эффективдүү иштөөсү үчүн бардык шарттар түзүлгөнүн жана алардын ишинин негизги көрсөткүчтөрү (KPI системасы) аркылуу стимулдаштырылып жатканын аныктаган.

Университеттин жетекчилиги менен болгон маектешүү, окутуучулар менен болгон сүйлөшүүлөр жана өзүн-өзү баалоо отчетун изилдөө учурунда, төмөнкү оң көрүнүштөр белгиленди:

1.“Scopus”, “Web of Science”, “РИНЦ” сыяктуу эл аралык илимий базаларга катталуу жана бул базалардагы жогорку импакт-фактору бар журналдарда илимий эмгектерди жарыялоо боюнча аракеттер көрүлүүдө. Ошондой эле, окутуучулар тарабынан окуу дисциплиналары боюнча лекциялардын тексттери, лабораториялык сабактардын план-конспектилери, силлабустар, жумушчу окуу программалары жана окуу-методикалык комплекстер (ОМК) окутуунун натыйжаларына жетүүгө багытталып иштелип чыгууда. Бул иштер ар бир окутуучунун электрондук өздүк баракчасында чагылдырылып, университет тарабынан кошумча айлык акы төлөнүшүнө негиз болуп саналат.

2.Билим берүү программасы окутуу процессинин сапатын жогорулатууга кам көрөт, магистрлердин билим берүү программасы боюнча дисциплиналарды окуткан ПО курамдын айлык маяналарына 15% кошумча төлөөнү практикалайт.

3. Жыл сайын ОшМУда ПО курамынын квалификациясын жогорулатуу курстары өткөрүлүп, сертификаттар тапшырылат. Окуу жылында ар бир мугалим окуудан өтүп, тегерек столдорго, илимий конференцияларга, симпозиумдарга катышууга милдеттүү.

4. ПО курамдын илимий иштердеги жана окутуучулук квалификациясындагы жетишкендиктерине карап, академиялык иш-аракеттери  татыктуу бааланат. Ар бир окуу жылында кафедралардан “Мыкты лектор”, “Мыкты илимий макала”, “Мыкты окуу куралы”, “Мыкты методикалык колдонмо”, “Мыкты илимий монография” ж.б. конкурстарына катышуу максатында профессор-окутуучулар көрсөтүлүп, жеңүүчүлөр “Сертификаттар”, “Дипломдор”, “Ардак громаталар” менен сыйланышат жана акчалай премияларды  алышат. «Туризм» билим берүү программасы боюнча ПО курамынын арасында конкурстардан өткөн номинанттар бар.

5. Илимдин кандидаттары ОшМУнун Маалыматтык технологияларды колдоо борборунан (МТБ) акысыз интернетке кирүү мүмкүнчүлүгү бар жеке компьютер алышат; ПО курамдын эл аралык жана аймактык конференцияларга катышуусу ОшМУ тарабынан жарым-жартылай компенсацияланат. Жыл сайын Илим жумалыгы өткөрүлүп, анда илимий сынактардын жыйынтыгы чыгарылып, жеңүүчүлөргө сыйлыктар тапшырылат.

6. ОшМУда профессордук-окутуучулук курамы жетекчиликтен илимий-изилдөө ишмердүүлүгүнүн, окуу-методикалык жана квалификациялык ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктарына жараша моралдык жана материалдык сыйлыктар алышат.  Докторлук диссертациясын коргогондорго 100000 сом, ал эми кандидаттык диссертациясын коргогон окутуучуларга 50000 сом акчалай сыйлык берилет. Аккретитация жана рейтинг боюнча көз каранды эмес агенттик(НААР) тарабынан жүргүзүлгөн

Өзүн-өзү баалоо отчетунда айтылгандай, илимий-изилдөө иштеринин натыйжалары билим берүү процессине киргизилгенден кийин ОшМУда уюштурулган ички гранттык каржылоо боюнча конкурстарда артыкчылык алышат. Мындан тышкары, университет илимий макалаларды жана монографияларды регионалдык жана эл аралык илимий журналдарда басып чыгарууну колдойт.

Ал ошондой эле, илимий-изилдөө ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктары жогору болгон окумуштуулар факультеттин жана университеттин сыйлыктарына ээ болушат жана ОшМУ тарабынан мэриядан, КРнын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгүнөн, КРнын өкмөтүнөн жана КРнын президентинин сыйлыктарына көрсөтүлүшөт.

ОшМУда администрация менен окутуучулардын ортосундагы байланыш үчүн «Университет администрациясынын ишмердүүлүгүн жакшыртуу» темасында сурамжылоо жүргүзүлөт.

Мотивациялоонун эң маанилүү факторлорунун бири – университет кызматкерлери менен окутуучулардын ден соолугун колдоо болуп саналат. Өзүн-өзү баалоо отчетунда көрсөтүлгөндөй, окутуучулар Ысык-Көлдөгү «Үмүт» санаторийине 50% арзандатуу менен жолдомо алуу укугуна ээ, ошондой эле Жалал-Абад шаарындагы саламаттыкты сактоо мекемелеринде кварталына бир жолу курорттук дарылануга жолдомо ала алышат. Мындан тышкары, алар Иссык-Ата, Жети-Өгүз, Голубой Ысык-Көл, Ош облусундагы Ак-Буура эс алуу аймагы жана Мамакеев санаторийинде эс алуу жана ден соолугун чыңдоо мүмкүнчүлүгүнө ээ. Эгерде окутуучу ооруп калса, дарыланууга кеткен чыгымдардын бир бөлүгү компенсацияланат. Ошондой эле ОшМУнун №3 жатаканасында студенттердин ден соолук борбору жана университеттин өз поликлиникасы иштейт.

Эксперттик комиссия бардык окутуучулар билим берүү программасы боюнча окутуу натыйжаларын иштеп чыгууга, кызыкдар тараптардын сунуштарын талкуулоого, ошондой эле 600200 «Туризм» (магистратура) багыты боюнча компетенция матрицасын талкуулоого катышканын тастыктайт.

Берилген документтердин негизинде жана маектешүүлөрдү өткөрүү аркылуу комиссия билим берүү программасын жана анын айрым дисциплиналарын өркүндөтүүгө жетиштүү квалификациясы бар профессордук-окутуучулук курамы тартылган деген жыйынтыкка келди. Бирок ошол эле учурда "Эл аралык туризм" профили жетиштүү деңгээлде чагылдырылбаганы белгиленип өттү.

Билим берүү программасынын жетекчилиги өзгөчө көңүл бурушу керек болгон жагдай – ар бир окутуучу өзүнүн окуткан дисциплинасындагы окуу натыйжаларын кеңири түшүндүрө билиши жана бул дисциплинанын "Эл аралык туризм" профилиндеги ордун, магистратура багытындагы "Туризм" адистигиндеги мурдагы жана кийинки дисциплиналар менен өз ара байланышта далилдеп бере алышы керек. Резюмелерге жана кызыкдар тараптар менен болгон маектешүүлөрдүн жыйынтыктарына ылайык, профессордук-окутуучулук курамдын квалификациясы окутуунун натыйжаларына жетишүүгө мүмкүндүк берет.

ОшМУ жана кафедра тарабынан өзүнүн окутуучулар курамын квалификациясын жогорулатуу боюнча түзүлгөн система каралган, муну квалификацияны жогорулатуу пландары жана отчетторунун болушу тастыктайт.Квалификацияны жогорулатуу боюнча өткөрүлгөн иш-чаралар жашыл экономика, ресурсту үнөмдөө, туруктуу өндүрүш жана керектөө, туризм темаларына арналган.

Документацияны изилдөө жана маектешүү учурунда алынган маалыматтардын негизинде комиссия билим берүү программасы окутуу усулдарына инновацияларды киргизүүгө жана окутуу процессинде жаңы технологияларды колдонууга өбөлгө түзөрүн аныктаган.

ОшМУда профессордук-окутуучулук курамдын чыгармачылык, инсандык жана кесиптик өсүүсү үчүн жагымдуу шарттардын түзүлүшү — программаны ишке ашыруудагы маанилүү артыкчылыктардын бири болуп саналат.

Өзүн-өзү баалоо отчетунун / SWOT талдоонун / берилген далил базасынын / өткөрүлгөн маектешүүлөрдүн жыйынтыктарынын алкагында алынган маалыматтарды эске алуу менен, эксперттик комиссия төмөнкүдөй жыйынтыкка келди: окутуучулар курамы туруктуу жана бардык формалдуу талаптарга жооп берет, ошондуктан биргелешкен талкуунун жыйынтыгында тышкы эксперттик комиссия аккредитациядан өтүп жаткан программанын бул стандартка негизинен шайкеш экенин тастыктады.

Муну менен катар төмөнкүдөй (артыкчылыктар, кемчиликтер, жетишкендиктер, программанын мүмкүнчүлүктөрү) белгиленет.

**Артыкчылыктар:**

1. Университеттин жетекчилиги кызматкерлерди жумушка кабыл алууда жана алардын кесиптик өсүшүн өнүктүрүүдө адилеттүү жана ачык-айкын процесстерди колдонуп келет, бул окутуучулардын компетенттүүлүгүнө болгон ишенимди жогорулатууга көмөк көрсөтөт.
2. 600200-Туризм багыты боюнча эмгектенген курамдын квалификациясы, илимий-потенциалдык деңгээли билим берүү программасынын талаптарына толук дал келет. Профессордук курамдын жалпы саны – 8, анын ичинде 2 илимдин доктору жана кандидаты, 6 илимдин кандидаттар иштейт. ПО курамдын илимий жана педагогикалык жетишкендиктерине карата натыйжалуу мотивациялык стимулдардын колдонулушу — окутуучулардын академиялык жана илимий потенциалын өнүктүрүүгө түрткү берип, магистратура программасы боюнча 100 пайыздык илимий даражалуулукка жетүүгө өбөлгө түзгөн. Бул жагдай жогорку билим берүү сапатына жетишүүдө университеттин эффективдүү кадр саясатынын бир көрүнүшү катары каралат.
3. Эксперттик комиссия «Туризм» багыты боюнча билим берүү программасынын окутуучулар курамы талап кылынган негизги квалификацияга ээ экенин жана системалуу түрдө кошумча билим алуу жана стажировкалар аркылуу өзүнүн кесиптик жөндөмдүүлүгүн жогорулатып жатканын белгилейт. Университет кызматкерлеринин эффективдүү иштөөсү үчүн бардык зарыл шарттарды түзүп, ишиндеги негизги көрсөткүчтөр (KPI) боюнча мотивация системасын ишке ашырат, бул кызматкерлердин кесиптик өсүшүнө жана билим берүү процесстеринин сапатын жогорулатууга өбөлгө түзөт.
4. Эксперттик комиссия жөнүндөгү маалыматтарга таянуу менен, 600200 "Туризм" багыты боюнча профессордук-окутуучулар курамынын квалификациясы жана илимий-потенциалдык деңгээли билим берүү программасынын талаптарына 100 пайыз толугу менен жооп берет.
5. ОшМУда профессордук-окутуучулар курамына илимий жана окутуучулук жетишкендиктери үчүн мотивациялык стимулдар каралган. Мындан тышкары, жыл сайын кафедралардан “Мыкты лектор”, “Мыкты илимий макала”, “Мыкты окуу куралы”, “Мыкты методикалык колдонмо”, “Мыкты илимий монография” жана башка номинациялар боюнча конкурстарга катышуу үчүн окутуучулар көрсөтүлөт. Жеңүүчүлөр сертификаттар, дипломдор, ардак грамоталар менен сыйланып, акчалай сыйлыктарга ээ болушат.
6. ОшМУда профессордук-окутуучулар курамы менен администрациянын ортосунда пикир алышуу механизми уюштурулган.
7. ОшМУда ПО курамын мотивациялоонун негизги факторлорунун бири – алардын ден соолугуна системалуу түрдө колдоо көрсөтүү болуп саналат, бул эмгекке болгон канааттанууну жогорулатууга жана билим берүү процессинин эффективдүүлүгүн арттырууга өбөлгө түзөт.

**Сунушталган чаралар:**

1. Университет тарабынан берилген мүмкүнчүлүктөрдү колдонуп, окутуучулар адабиятты жаңылоону жана өз алдынча окуу жана методикалык материалдарды иштеп чыгууну активдүү түрдө сунуштайбыз.
2. Чет өлкөлүк университеттер менен түзүлгөн кызматташтык келишимдерин активдүү колдонуу сунушталат. Бул окутуучулардын академиялык мобилдүүлүгүн

кеңейтүүгө өбөлгө түзүп, стажировкаларды, алмашуу программаларын жана биргелешкен билим берүү демилгелерин уюштурууга мүмкүнчүлүк берет. Натыйжада, ПО курамынын квалификациясы жогорулап, эл аралык академиялык кызматташтык бекемделет.
3. Сунушталат «Туризм» багыты боюнча билим берүү программасынын алкагындагы окуу дисциплиналары боюнча магистранттар жана ПО курамы менен биргеликте ОшМУнун студенттери үчүн экскурсиялык турларды уюштуруу. Бул кадам практика базасын кеңейтүүгө жана даярдоо профилине ылайык студенттердин кесиптик көндүмдөрүн калыптандырууга өбөлгө түзөт. Экскурсиялык турларды чет тилдеринде өткөрүү сунушталат.
4. Даярдык профилине ылайык, адистиги боюнча чет тилдеринде сабактарды этап менен өткөрүү сунушталат, бул кызматкерлерди чет тилдерин үйрөнүүгө түрткү берет. ОшМУнун жетекчилигине чет тилдеринде сабактар өткөрүү үчүн мугалимдерге сыйлык берүү чараларын караштыруу сунушталат.

**Милдеттүү түрдө аткарылышы керек болгон сунуштар:**

1. Сунушталат, окутуучулар университет тарабынан берилген мүмкүнчүлүктөрдү активдүү пайдалануу менен "Эл аралык туризм" профили боюнча адабиятты жаңыртуу жана өздүк окуу-методикалык материалдарды иштеп чыгуу.
2. Сунушталат, окутуучу курамына квалификациясын жогорулатуу, тажрыйба алмашуу жана профессионалдык чөйрөдө мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү үчүн академиялык мобилдүүлүктүн мүмкүнчүлүктөрүн активдүү пайдалануу.

***Комиссиянын Стандарт 5 боюнча чечими – билим берүү программасынын ишмердүүлүгү: Толугу менен туура келет EdNet агенттигинин ушул стандартына.***

## *6-СТАНДАРТ. ИНФРСТРУКТУРА, РЕСУРСТАР ЖАНА МАГИСТРАНТТАРДЫ КОЛДОО*

***Стандарттын аныктамасы***

***Бул стандартка ылайык, Билим берүү уюму/Билим берүү программасы окутуу жана окутуучулук ишмердүүлүгү үчүн жетиштүү ресурстарга жана каржылоого ээ болушу керек, магистранттар үчүн жеткиликтүү жана ылайыктуу окуу материалдарын жана колдоо механизмдерин, анын ичинде ден соолук жана коопсуздук маселелерин камсыз кылууга тийиш.***

***Билим берүү программасында материалдык-техникалык жабдуулар туруктуу түрдө жаңыланып, өркүндөтүлүп жана кеңейтилип турушу зарыл.***

***Окуу аудиториялары, лабораториялар жана алардын жабдуулары заманбап болуп, билим берүү программасынын максаттарына жана күтүлгөн жыйынтыктарына шайкеш келиши керек. Инфраструктура, кызмат көрсөтүүлөр жана окуу ресурстары стейкхолдерлердин талаптары менен муктаждыктарын канааттандырууга тийиш. Магистранттар өз алдынча окуу жана изилдөө иштерин жүргүзүү үчүн жетиштүү мүмкүнчүлүктөргө ээ болушу керек.***

| |
|---|
| ***Билим берүү программасы (Билим берүү уюму/бөлүмү) окуу үчүн зарыл болгон материалдарды камтыган китепканага ээ болушу керек: окуу, техникалык жана маалыматтык адабияттар, ар кандай мезгилдүү басылмалар ж.б.***<br><br>***Магистранттар менен окутуучулар үчүн маалыматтык ресурстарга (локалдык тармак, интернет) кирүүгө мүмкүнчүлүк берген компьютердик класстар жана терминалдар жеткиликтүү болушу зарыл.***<br><br>***Магистранттардын өз алдынча билим алуусу жана кесиптик, жеке өнүгүүсү үчүн ыңгайлуу билим берүү чөйрөсү түзүлүшү керек.***<br><br>***Инфраструктураны жакшыртуу боюнча пландаштырууда магистранттар менен профессордук-окутуучулук курамдын күтүүлөрүн эске алуу механизми иштелип чыгып, колдонууга киргизилиши керек.***<br><br>***Билим берүү уюмунун жана Билим берүү программасынын жетекчилиги инфраструктураны өнүктүрүү жана академиялык, башка колдоо кызматтарын көрсөтүү аркылуу магистранттар менен профессордук-окутуучулук курамдын муктаждыктарына өз убагында жооп кайтарышы зарыл. Билим берүү уюму бул ресурстардын жеткиликтүүлүгүн жана колдонулушун көзөмөлдөөгө тийиш.***<br><br>***Билим берүү программасынын деңгээлинде магистранттар жана профессордук-окутуучулук курам үчүн кызмат көрсөтүүлөрдүн сапаты бааланып турушу керек.*** |
| ***Стандартка Колдонмо***<br><br>*Натыйжалуу окутууну камсыз кылуу максатында, Билим берүү уюму/Билим берүү программасы магистранттарды окуу процессинде колдоо жана жардам көрсөтүү үчүн керектүү окуу ресурстары менен камсыздоого тийиш. Мындай ресурстар материалдык (мисалы, китепканалар, окуу жабдуулары, маалыматтык-технологиялык инфраструктура) жана адамдык (мисалы, насаатчылар, кураторлор жана башка консультанттар) болушу мүмкүн.*<br><br>*Окуу ресурстарын бөлүштүрүү, пландаштыруу, магистранттарды колдоо, ошондой эле студентке багытталган билим берүү жана ийкемдүү окутуу моделдерине өтүү учурунда ар түрдүү магистранттардын (мисалы, иштегендер, бойго жеткендер, жарым-жартылай окугандар, чет өлкөлүк магистранттар жана мүмкүнчүлүгү чектелгендер) муктаждыктары эске алынууга тийиш. Ошондой эле Билим берүү уюму/Билим берүү программасы тарабынан магистранттардын сапаттуу билим алуусун камсыздоо үчүн зарыл болгон ресурстар, анын ичинде алардын ден соолугу жана коопсуздугуна байланышкан маселелер боюнча колдоо көрсөтүлүшү керек.*<br><br>*Магистранттарды колдоо чаралары жана шарттары ар кандай институционалдык контекстке жараша ар түрдүү форматта уюштурулушу мүмкүн. Ошого карабастан, ички сапатты камсыздоо системасы бардык ресурстардын белгиленген максаттарга шайкеш келишин, жеткиликтүүлүгүн жана магистранттардын алар тууралуу маалымдуулугун кепилдейт.* |

| |
|---|
| *Магистранттарды колдоо кызматтарын көрсөтүүдө техникалык жана административдик кызматкерлердин ролу маанилүү болуп саналат. Ошондуктан, алар тийиштүү квалификацияга ээ болуп, өз компетенцияларын жогорулатууга мүмкүнчүлүк алышы керек.* .|

***Жалпы баа***

Стандарттын мазмунун талдоо көрсөткөндөй, билим берүү уюму (ОшМУ) жана 600200 багыты боюнча магистратуранын билим берүү программасы (ББП) окутуу процессин, магистранттардын илимий жана изилдөө ишмердүүлүгүн уюштурууга зарыл болгон ресурстарга ээ. Программа заманбап инфраструктура жана окуу-усулдук ресурстар менен камсыздалган, анын ичинде электрондук китепканага, атайын жабдууларга, программалык камсыздоого жана программа максаттарына жооп берген аудиторияларга жеткиликтүүлүк бар.

Программанын материалдык-техникалык базасы окутуучулардын жана студенттердин талаптарын эске алуу менен үзгүлтүксүз жаңыланып, кеңейип турат. ОшМУнун өзгөчө статусу окуу жайдын материалдык базасын өз ресурстарынын эсебинен жаңылоого шарт түзөт. Университетте инфраструктураны модернизациялоону пландоодо стейкхолдерлердин үмүт-талаптарын эске алган механизм иштеп жатат. Билим берүү чөйрөсү магистранттардын өз алдынча иштөөсүн, изилдөөчүлүк жана кесиптик көндүмдөрүн өнүктүрүүгө, ошондой эле инклюзивдүү билим берүү үчүн жагымдуу шарттарды түзүүгө өбөлгө түзөт.

Эксперттик комиссия белгилегендей, университеттин узак мөөнөттүү өнүгүү стратегиясынын алкагында мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн инклюзивдүү окуу чөйрөсүн түзүү зарылдыгын (пандустар, лифттер, ылайыкталган жабдуулар) кароо сунушталат.

Программа заманбап аудиториялар, лабораториялар, акт залы, компьютердик класстар жана спорттук залдар менен жабдылган, бул билим берүү максаттарына жетүү үчүн зарыл шарттарды түзөт. Колдонулуп жаткан аудиториялар: №218, 209, 207, 211, 100, 112, 308; ошондой эле этно- жана сервис-туризм багытындагы атайын класстар жана зарыл болгон туристтик жабдуулар. Инфраструктурага жүргүзүлгөн көзөмөл аудиториялар жана алардын жабдылышы билим берүү программасынын максаттарына жана заманбап талаптарга жалпысынан жооп берерин көрсөттү. Бирок факультеттик корпус лифт жана пандус менен жабдылган эмес, бул мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн тоскоолдук жаратат. Ошондой эле институттун корпусунда ашкана жок, тамактануу университтеттин башкы имаратында гана жеткиликтүү жана баасы арзан.

Программа электрондук китепканага, «Ирбис» автоматташтырылган тутумуна, DVD-дисктерге жана MyEDU платформасына жеткиликтүүлүк менен камсыздалган. Китепкана фонду жана электрондук ресурстар окуу жана илимий муктаждыктарды канааттандырат.

Ошол эле учурда эксперттик комиссия магистранттардын илимий иштеринин сапатын жогорулатуу жана окутуучулардын эл аралык тажрыйбаны интеграциялоо мүмкүнчүлүгү үчүн Coursera сыяктуу эл аралык маалымат базаларына жана электрондук билим берүү ресурстарына туруктуу жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу зарылдыгын белгилейт. Эл аралык электрондук китепканаларга жана издөө системаларына кошулуу механизмдерин кароо сунушталат.

ББП ар кандай категориядагы магистранттардын — иштегендердин, чет өлкөлүктөрдүн, жарым-жартылай окугандардын жана мүмкүнчүлүгү чектелгендердин муктаждыктарын эске алат. Колдоо окуу процессин уюштуруунун ийкемдүү формалары, үзгүлтүксүз консультациялар, адаптациялык иш-чаралар жана диалогдук аянтчалар аркылуу камсыздалат. Окуу бөлмөлөрү санитардык жана өрт коопсуздугунун талаптарына жооп берет. Эксперттер белгилегендей, программанын багытын эске алуу менен студенттердин экологияга болгон жоопкерчилигин калыптандыруу максатында таштандыларды сорттоочу атайын урналарды орнотуу сунушталат.

Университетте медициналык клиника, профилакторий, спорттук объекттер жана эс алуу шарттары иштеп жатат, бул магистранттар үчүн коопсуз жана жагымдуу чөйрөнү камсыз кылат. Программанын муктаждыктарын эске алуу менен спорттук зал скалодром менен жабдылган.

Инфраструктурага жүргүзүлгөн кароодо эксперттер корпусунун бардык кабаттарына акысыз таза суу менен камсыздаган автоматтарды/кулерлерди орнотуу зарылдыгын белгилешти. Бул окуу шарттарын жакшыртып, пластик бөтөлкөлөрдүн колдонулушун азайтып, экологиялык абалга оң таасирин тийгизет.

Магистранттардын жана окутуучулардын күтүүлөрүн чогултуу жана эсепке алуу механизми иштелип чыккан. Ага сурамжылоо, кафедралардагы талкуулар жана администрация менен жолугушуулар кирет. Аудиториялык фонд жана жабдуулар үзгүлтүксүз жаңыртылып турат (мисалы: жаңы аудиториялар жана лабораториялар ачылып, видеокамералар жана мультимедиялык жабдуулар орнотулган).

Пландаштыруу кафедралардын арыздарынын негизинде, анын ичинде бүтүрүүчүлөр ассоциациясынын катышуусу аркылуу жүргүзүлөт. Материалдык-техникалык базанын абалы ББПнын жана илимий ишмердүүлүктүн талаптарын эске алуу менен көзөмөлдөнөт.

ББПда магистранттарга өз алдынча билим берүү траекторияларын түзүүгө, академиялык чөйрөгө адаптацияга, кесиптик көндүмдөрдү жана изилдөө маданиятын калыптандырууга, ошондой эле таланттуу жана аяр категориядагы студенттерди колдоого багытталган академиялык кеңеш берүү системасы иштеп жатат.

MyEDU платформасы жана университеттин медиабазасы билим берүү маалыматына жана консультацияларга жеткиликтүүлүктү кеңейтүүгө өбөлгө түзөт.

Китепканада 36 000ден ашуун экземпляр бар, ал электрондук жеткиликтүүлүк, жазылуулар жана иш аймактары менен камсыздалган. Шарттар өз алдынча билим алуу көндүмдөрүн, изилдөө активдүүлүгүн жана жеке өнүгүүнү колдойт.

Сурамжылоо жана ички баалоо куралдары колдонулат. Техникалык жана административдик персонал тиешелүү квалификацияга ээ жана көндүмдөрүн жогорулатууга мүмкүнчүлүгү бар. Университет санариптик инфраструктураны өнүктүрүп келет: дата-борбор ачылган, FTP жана булут технологиялары колдонулат, MyEDU системасы активдүү иштейт.

***Артыкчылыктары:***

1. Заманбап жана жаңыланып туруучу инфраструктура, анын ичинде атайын аудиториялар жана спорттук объекттер.

2. Кенен электрондук жана физикалык китепкана фонду, «Ирбис» системасына жана MyEDU платформасына жеткиликтүүлүк.
3. Академиялык багыт берүү жана колдоо механизминин иштеши.
4. Инклюзивдүүлүктү жана окутуунун ыңгайлуулугун колдогон механизмдер.
5. Инфраструктура илимий-изилдөө жана практикалык сабактарды жогорку деңгээлде өткөрүүгө шарт түзөт.

***Сунушталган чаралар***

1. Туризм багыты боюнча лабораторияларды жана практикалык сабактар үчүн жабдууларды кеңейтүү (мисалы: геонавигациялык шаймандар, макеттер, заманбап тренажёрлор).
2. Китепканадагы эскирген фонддун бир бөлүгүн, айрыкча «Туризм» багыты боюнча, заманбап методика жана тил талаптарына (кыргызча жана англисче) ылайык жаңылоо.
3. Магистранттар үчүн эл аралык илимий журналдарга жана маалымат базаларына туруктуу жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу.
4. Инклюзивдүү инфраструктураны өнүктүрүү (лифт, пандус, ылайыкталган жабдуулар).
5. Окуучулар үчүн онлайн билим берүү ресурстарына жазылууну камсыз кылуу.
6. Автоматтар/кулерлер менен таза сууну камсыз кылуу.
7. Таштандыларды сорттоо үчүн урналарды орнотуу.
8. Факультет корпусунда өзүнүн ашканасын/кафетериин уюштуруу мүмкүнчүлүгүн кароо.

***Милдеттүү түрдө аткарылышы керек болгон сунуштар***

1. Китепканадагы эскирген фонддун бир бөлүгүн заманбап методика жана тил талаптарына (кыргызча жана англисче) ылайык жаңылоо.
2. Окуучулар үчүн онлайн билим берүү ресурстарына жазылууну камсыз кылуу.
3. Автоматтар/кулерлер менен таза сууну камсыз кылуу.
4. Таштандыларды сорттоо үчүн урналарды орнотуу.
5. Факультет корпусунда ашкана/кафетерий уюштурууну кароо.

***Комиссиянын Стандарт 6 боюнча чечими – билим берүү программасынын ишмердүүлүгү: Толугу менен туура келет.***

## *7-СТАНДАРТ: ОТЧЕТТУУЛУК, АЙКЫНДУУЛУК, МААЛЫМАТТЫ БАШКАРУУ ЖАНА АНЫН ИШЕНИМДҮҮЛҮГҮ. КООМЧУЛУКТУ МААЛЫМДОО.*

***Стандарттын аныктамасы***

***Билим берүү уюму/Билим берүү программасы өзүнүн билим берүү программаларын жана башка ишмердүүлүгүн натыйжалуу башкаруу үчүн тиешелүү маалыматтарды чогултуп, талдап жана колдонууга кепилдик бериши керек.***

| |
|---|
| ***Бул стандартка ылайык, программаны ишке ашырууда башкаруунун ачык-айкын системасы иштеп, бардык стейкхолдерлер үчүн керектүү документтерге жана маалыматтарга жеткиликтүүлүк камсыздалышы керек.***<br><br>***Билим берүү программасын ишке ашырууда отчеттуулук принциптери сакталышы керек: коомчулукка жана бардык стейкхолдерлерге толук, системалуу жана ишенимдүү маалымат берүү.***<br><br>***Билим берүү программасынын жетекчилиги магистранттар үчүн, ПОК жана башка стейкхолдерлер үчүн ачык жана жеткиликтүү экенин тастыктаган далилдерди камсыз кылат жана көрсөтөт.***<br><br>***Билим берүү программасында чечим кабыл алуунун ачык-айкын саясаты жана коомчулукту жана кызыкдар тараптарды объективдүү жана өз убагында маалымдоо механизмдери иштейт. Билим берүү уюму/Билим берүү программасы өз ишмердүүлүгү тууралуу маалыматтарды жарыялап турууга тийиш, бул маалымат так, объективдүү, актуалдуу жана оңой жеткиликтүү болушу керек.*** |
| ***Стандартка Колдонмо***<br><br>*Ишенимдүү маалымат – бул чечим кабыл алуу үчүн жана кайсы нерсе натыйжалуу иштеп жатканын, кайсынысы жакшыртууну талап кыларын билүү үчүн зарыл шарт болуп саналат. Билим берүү программалары жана башка ишмердүүлүктөр боюнча маалыматтарды үзгүлтүксүз жана системалуу түрдө чогултуу жана талдоо процессинин натыйжалуу болушу ички сапатты камсыздоо системасынын ишине чоң салым кошот.*<br><br>*Маалыматтын кандайча чогултулушу билим берүү уюмунун түрүнө жана миссиясына жараша бир аз айырмаланышы мүмкүн. Бирок, төмөнкү маалыматтар өзгөчө маанилүү болуп саналат: негизги көрсөткүчтөр; магистранттардын контингенти тууралуу маалымат; жетишкендиктери, окуу жетишкендиктери жана окуу жайдан чыгарылышы; магистранттардын тандалган программаларга болгон канааттануусу; билим берүү ресурстарынын жана магистранттарды колдоо кызматтарынын жеткиликтүүлүгү; бүтүрүүчүлөрдүн карьералык өсүшү.*<br><br>*Маалыматтарды чогултуу үчүн ар кандай ыкмалар колдонулушу мүмкүн. Маанилүүсү – магистранттар жана кызматкерлер маалыматтарды топтоо жана талдоо, ошондой эле кийинки аракеттерди пландаштыруу процесстерине активдүү катышуусу.*<br><br>*Билим берүү уюмдарынын ишмердүүлүгү жөнүндө маалыматтар потенциалдуу магистранттар, учурда окуп жаткан магистранттар, бүтүрүүчүлөр, башка кызыкдар тараптар жана жалпы коомчулук үчүн пайдалуу болуп эсептелет.*<br><br>*Ошондуктан, билим берүү уюмдары өз ишмердүүлүгү тууралуу маалыматтарды сунуштап турушу керек. Бул маалыматтар төмөнкүлөрдү камтышы зарыл: сунушталган программалар жана кабыл алуу критерийлери, бул программалар боюнча күтүлгөн окуу натыйжалары, ыйгарылган квалификациялар, окутуу жана үйрөтүү ыкмалары, баалоо жол-жоболору жана өтүү баллдары, магистранттар үчүн окуу* |

*мүмкүнчүлүктөрү, ошондой эле бүтүрүүчүлөрдүн жумушка орношуу мүмкүнчүлүктөрү тууралуу маалымат.*

***Жалпы баа***

Стандарт 7нин мазмунун талдоо көрсөткөндөй, 600200 багыты боюнча "Туризм" магистратурасынын билим берүү программасы ички жана тышкы стейкхолдерлер үчүн маалыматтын ачык-айкындуулугун, жеткиликтүүлүгүн жана маалымдуулугунун жогорку деңгээлин көрсөтөт.

Билим берүү уюму жана билим берүү программасы башкаруу системасынын иштешин камсыздайт. Ал стейкхолдерлерди өз убагында маалымат менен камсыздоону, негизги документтерге жеткиликтүүлүктү жана чечим кабыл алуу процесстерине катышууну кепилдейт. Администрация, окутуучулар жана магистранттар менен болгон маектердин жыйынтыгы жана берилген документтердин негизинде, эксперттик комиссия билим берүү программасында ички сапат камсыздоо максатында маалыматтарды чогултуу, талдоо жана колдонуу боюнча натыйжалуу система иштеп жаткандыгын аныктады.

Программа жетекчилиги билим берүү ресурстарына, силлабустарга, окуу пландарына, отчетторго жана окуу жыйынтыктарына MyEDU порталы жана башка ачык булактар (ОшМУнун расмий сайты, факультеттин веб-сайты ж.б.) аркылуу жеткиликтүүлүктү камсыз кылат.

Маалыматтык каналдар жана артка байланыш каражаттарына жүргүзүлгөн анализ көрсөткөндөй, университет онлайн жана оффлайн ресурстарды активдүү колдонуп келет: ОшМУнун жана институттун веб-сайты (анын ичинде https://ttatf.oshsu.kg), гезиттер, электрондук китепкана, iBooks платформасы жана кафедрада физикалык түрдө жайгаштырылган документтер. Университет администрациясы маалыматтардын актуалдуулугун камсыз кылуу максатында сайтты үзгүлтүксүз жаңыртып турат.

Бирок эксперттер белгилегендей, https://ttatf.oshsu.kg сайтында маалыматтар системалуу эмес жайгаштырылган: "Биздин институт" бөлүмүндө негизинен Дене тарбия институту жөнүндө гана маалымат берилген, ал эми "Туризм" багыты тууралуу маалымат "Кафедралар" бөлүмүндө гана камтылган. Бул маалыматты издөөнү кыйындатат.

Маектешүүлөрдө жана өзүн-өзү баалоо отчетторунда ОшМУ билим берүү процессин санариптештирүү алкагында MyEDU маалыматтык системасын киргизип жатканы маалым болду. Бул система мурда колдонулган AVN платформасын бара-бара алмаштырууда. MyEDU студенттер менен окутуучуларга сабактардын расписаниеси, окуу материалдары, баалоо жыйынтыктары, ошондой эле арыздарды жана сурамдарды онлайн берүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылат. Бул башкаруу процесстеринин ачыктыгына жана натыйжалуулугуна өбөлгө түзөт.

Ошондой эле, «Дидактика» журналы, студенттик «Нур» гезити жана «Үмүт» телестудиясы билим берүү процессин маалыматтык жактан камсыздоого кошумча салым кошот. Институттун сайтында кабыл алуу комиссиясынын жана басма сөз кызматынын байланыш маалыматтары жеткиликтүү.

Окуу жылынын башында ОшМУнун ректораты кафедра кураторлоруна көрсөтмөлөрдү, ал эми биринчи курс студенттерине окуу процессинин системасы, шарттары жана талаптары

тууралуу маалыматтык материалдарды берет. «Үмүт» телестудиясы тарабынан даярдалган жаңылыктар студенттер, окутуучулар жана коомчулук үчүн жумасына бир жолу көрсөтүлөт.

Маалыматтык ачыктыктын маанилүү элементи — артка байланыш механизминин болушу. Билим берүү программасында анонимдүү анкетирлөө жана магистранттар, окутуучулар жана стейкхолдерлер менен үзгүлтүксүз жолугушуулар өткөрүлөт. Бул анкеталар аркылуу респонденттер билим берүү программасынын сапатына, окутууга, окуу шарттарына, колдоо жана коммуникация деңгээлине баа беришет. Жыйынтыктар кафедрада талкууланып, тиешелүү өзгөртүүлөр киргизилет.

Магистранттарды билим берүү программасын башкарууга тартуу деңгээлин жогорулатуу ачыктык, катышуу жана академиялык отчеттуулук принциптерин ишке ашыруу менен байланыштуу. Комиссия маалымдагандай, формалдуу каналдар (анкетирлөө, жетекчилик менен жолугушуулар, талкуулар) бар болгонуна карабастан, көптөгөн магистранттар өз укуктары жана чечимдерге таасир этүү механизмдери тууралуу жетишсиз маалымдар. Маалыматтык-агартуучу иш-аракеттердин (брифингдер, презентациялар, тааныштыруу сессиялары) жоктугу студенттердин катышуусун чектейт жана артка байланыш механизмдеринин натыйжалуулугун төмөндөтөт. Мындай сессияларды үзгүлтүксүз өткөрүү студенттердин активдүүлүгүн жогорулатып, башкаруу системасына болгон ишенимди бекемдейт.

Бүтүрүүчүлөрдүн карьералык траекторияларын мониторинг кылуу билим берүү программасынын сапатын жана эмгек рыногунун талаптарына жооп берүүсүн камсыз кылууда маанилүү элемент болуп саналат. Азыркы учурда “Туризм” багыты боюнча бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердүүлүгү тууралуу маалыматтар эпизоддук түрдө чогултулуп, алардын ишке орношуусунун динамикасын толук чагылдырбайт. Агрегаттык жана ачык жарыяланган маалыматтардын жоктугу программа натыйжалуулугун баалоону татаалдатат. Ошондуктан, мындай маалыматтарды сайтта жарыялоо жана туруктуу мониторинг жүргүзүү маалыматтык ачыктыкты камсыздап, программаны башкаруу процесстерине оң таасирин тийгизет.

Ошондой эле эксперттер чечимдердин ачыктыгын жана маалымат жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу багытында саясат иштеп жатканын аныкташты. Магистранттар окуу программасынын мазмуну жана өнүгүүсүнө байланыштуу маселелерди талкуулоого тартылат. Бул максатта электрондук байланыш каражаттары жана кафедра, деканат жана институт администрациясы менен ачык жолугушуулар колдонулат.

Эксперттик комиссиянын жыйынтыгы: билим берүү программасы Стандарт 7нин талаптарына жооп берет жана маалыматтык жеткиликтүүлүк, стейкхолдерлердин кызыкчылыктарын эске алуу жана маалыматтын ишенимдүүлүгүн камсыз кылуу функцияларын толук аткарат.

***Артыкчылыктары:***

1. Университет негизги маалыматтарга туруктуу жеткиликтүүлүктү камсыз кылат (ОшМУ сайты, факультет порталы, электрондук китепкана, MyEDU, басма каражаттар). Маалыматтар үзгүлтүксүз жаңыртылып, түзүмдүү жана жеткиликтүү берилген.

2. Программа магистранттар, окутуучулар жана бүтүрүүчүлөр арасында сурамжылоо, анкета, оозеки пикирлерди чогултуу аркылуу артка байланыш системасын ишке ашырат. Жыйынтыктар кафедрада талкууланып, өзгөртүүлөр киргизилет.
3. Сайттарда жана ички платформаларда протоколдор, силлабустар, окуу материалдары жайгаштырылып, расмий документтерге жеңил жеткиликтүүлүк камсыздалган.
4. Программа жетекчилиги тышкы стейкхолдерлер, анын ичинде иш берүүчүлөр менен өз ара аракеттенет, алардын сунуштарын окуу пландарына жана тандоо сабактарына киргизет. Чечимдер коомдук талкуулоодон кийин кабыл алынат.
5. Артка байланыш механизми анонимдүү анкетирлөө жана жолугушуулар аркылуу ишке ашырылат.

***Сунушталган иш-чаралар***

1. Иш берүүчүлөр менен иш алып барууну формалдаштыруу: консультациялык кеңештерди түзүү же үзгүлтүксүз сурамжылоолорду жүргүзүү сунушталат.
2. Программаны стратегиялык маалыматтык жайылтуу иштерин кеңейтүү. 600200 «Туризм» программасы үчүн өзүнчө поддомен же веб-баракча түзүү сунушталат.
3. Бүтүрүүчүлөрдүн карьералык траекторияларын мониторинг кылууну өнүктүрүп, агрегатталган маалыматтарды сайтта жана ачык отчеттордо жарыялоо.
4. Магистранттарды башкаруу процессине тартуу мүмкүнчүлүктөрү боюнча маалымдуулукту жогорулатуу. Брифингдерди жана маалыматтык сессияларды үзгүлтүксүз өткөрүү сунушталат.
5. Программанын жетишкендиктерин ар түрдүү форматтарда жайылтуу: расмий сайттар менен катар социалдык тармактарды, мультимедиялык форматтарды (видео, инфографика) колдонуу.

***Милдеттүү түрдө аткарылышы керек болгон сунуштар***

1. Факультеттин/программанын сайтындагы мазмунду актуалдаштыруу (ttatf.oshsu.kg): программа тууралуу маалымат, бүтүрүүчү профили, окутуучулар жана магистранттардын жетишкендиктери. «Суроо-жооп» бөлүмүн кошуу.
2. Анкетирлөөнүн жыйынтыктары боюнча кыска отчетторду жана кабыл алынган чечимдер боюнча түшүндүрмөлөрдү жайгаштыруу менен, маалымат жарыялоодо ачыктыкты камсыз кылуу.

***Комиссиянын Стандарт 7 боюнча чечими – билим берүү программасынын ишмердүүлүгү: Толугу менен туура келет.***

## *ББУ/ББПнын артыкчылыктары*

| *Стандарт* | *ББУ/ББПнын артыкчылыктары* |
|---|---|
| ***Стандарт 1*** | 1. Так аныкталган, расмий жактан бекитилген жана бардык кызыкдар тараптарга жеткиликтүү миссия.<br>2. Миссиянын мазмунун түшүндүрүү жана жайылтуу боюнча системалуу иштер жүргүзүлөт.<br>3. Билим берүү программасынын максаттары университеттин миссиясы менен толук шайкеш келет.<br>4. ББПнын Өнүктүрүү стратегиясы ОшМУнун жалпы өнүгүү стратегиясына ылайык түзүлгөн. |
| ***Стандарт 2*** | 1. Сапатты камсыздоо боюнча расмий бекитилген саясаттын жана анын мониторинг системасынын болушу.<br>2. Сапатты кепилдөө процесстерине магистранттардын жана башка кызыкдар тараптардын кеңири катышуусу.<br>3. Коррупциянын алдын алуу жана академиялык ак ниеттүүлүктү камсыз кылуу боюнча натыйжалуу чаралар. |
| ***Стандарт 3*** | 1. Билим берүү программасы 600200 «Туризм» магистратурасы аныкталган максаттарга жана күтүлүүчү окуу натыйжаларына ээ, алар сырткы жана ички стейкхолдерлердин сунуштары жана талаптары эске алынып иштелип чыккан.<br>2. Билим берүү программасы магистранттарды квалификациялык талаптарга жана эмгек рыногунун талаптарына ылайык ийгиликтүү даярдайт. Иш берүүчүлөр магистранттардын туризм чөйрөсүндө көбүрөөк татаал тапшырмаларды чечүү үчүн зарыл болгон билимдерге жана жөндөмдөргө ээ экенин белгилешет, бул аларды бакалавриат бүтүрүүчүлөрүнөн айырмалап турат, квалификациялык талаптарга жана эмгек рыногунун талаптарына ылайык.<br>3. ОшМУда магистратуранын ББПсы боюнча керектөөчүлөрдүн талаптарын жана суроо-талаптарын аныктоо жана бекитүү боюнча системалуу процедура иштелип чыккан |
| ***Стандарт 4*** | 1. Магистратуранын билим берүү программасында жеткиликтүүлүк саясаты, ошондой эле ачык кабыл алуу процесстери жана критерийлери каралган. Бул талаптар мамлекеттик жана жогорку окуу жайдын ички нормативдик документтери менен жөнгө салынат.<br>2. Жеткирилген материалдарды жана стейкхолдерлер менен жүргүзүлгөн маектерди талдоонун негизинде, «Туризм» багыты боюнча магистратуранын билим берүү программасында дисциплиналар жана алардын логикалык ырааттуулугу кызыкдар талаптарына ылайык түзүлгөндүгү аныкталды. |

| | |
|---|---|
| | 3. ОшМУда магистратурадагы билим берүү ишмердүүлүгүнө карата жалпы талаптарды аныктоочу локалдык документтердин болушу жана иштелип чыгышы жакшы практика катары бааланган. |
| ***Стандарт 5*** | 1. Университеттин жетекчилиги кызматкерлерди жумушка кабыл алууда жана алардын кесиптик өсүшүн өнүктүрүүдө адилеттүү жана ачык-айкын процесстерди колдонуп келет, бул окутуучулардын компетенттүүлүгүнө болгон ишенимди жогорулатууга көмөк көрсөтөт.<br>2. 600200-Туризм багыты боюнча эмгектенген курамдын квалификациясы, илимий-потенциалдык деңгээли билим берүү программасынын талаптарына толук дал келет. Профессордук курамдын жалпы саны – 8, анын ичинде 2 илимдин доктору жана кандидаты, 6 илимдин кандидаттар иштейт. ПО курамдын илимий жана педагогикалык жетишкендиктерине карата натыйжалуу мотивациялык стимулдардын колдонулушу — окутуучулардын академиялык жана илимий потенциалын өнүктүрүүгө түрткү берип, магистратура программасы боюнча 100 пайыздык илимий даражалуулукка жетүүгө өбөлгө түзгөн. Бул жагдай жогорку билим берүү сапатына жетишүүдө университеттин эффективдүү кадр саясатынын бир көрүнүшү катары каралат.<br>3. Эксперттик комиссия «Туризм» багыты боюнча билим берүү программасынын окутуучулар курамы талап кылынган негизги квалификацияга ээ экенин жана системалуу түрдө кошумча билим алуу жана стажировкалар аркылуу өзүнүн кесиптик жөндөмдүүлүгүн жогорулатып жатканын белгилейт. Университет кызматкерлеринин эффективдүү иштөөсү үчүн бардык зарыл шарттарды түзүп, ишиндеги негизги көрсөткүчтөр (KPI) боюнча мотивация системасын ишке ашырат, бул кызматкерлердин кесиптик өсүшүнө жана билим берүү процесстеринин сапатын жогорулатууга өбөлгө түзөт.<br>4. Эксперттик комиссия жөнүндөгү маалыматтарга таянуу менен, 600200 "Туризм" багыты боюнча профессордук-окутуучулар курамынын квалификациясы жана илимий-потенциалдык деңгээли билим берүү программасынын талаптарына 100 пайыз толугу менен жооп берет.<br>5. ОшМУда профессордук-окутуучулар курамына илимий жана окутуучулук жетишкендиктери үчүн мотивациялык стимулдар каралган. Мындан тышкары, жыл сайын кафедралардан “Мыкты лектор”, “Мыкты илимий макала”, “Мыкты окуу куралы”, “Мыкты методикалык колдонмо”, “Мыкты илимий монография” жана башка номинациялар боюнча конкурстарга катышуу үчүн окутуучулар көрсөтүлөт. Жеңүүчүлөр сертификаттар, дипломдор, ардак грамоталар менен сыйланып, акчалай сыйлыктарга ээ болушат.<br>6. ОшМУда профессордук-окутуучулар курамы менен администрациянын ортосунда пикир алышуу механизми уюштурулган.<br>7. ОшМУда ПО курамын мотивациялоонун негизги факторлорунун бири – алардын ден соолугуна системалуу түрдө колдоо көрсөтүү болуп саналат, бул эмгекке болгон канааттанууну жогорулатууга |

| | |
|---|---|
| | жана билим берүү процессинин эффективдүүлүгүн арттырууга өбөлгө түзөт. |
| ***Стандарт 6*** | 1. Заманбап жана жаңыланып туруучу инфраструктура, анын ичинде атайын аудиториялар жана спорттук объекттер.<br>2. Кенен электрондук жана физикалык китепкана фонду, «Ирбис» системасына жана MyEDU платформасына жеткиликтүүлүк.<br>3. Академиялык багыт берүү жана колдоо механизминин иштеши.<br>4. Инклюзивдүүлүктү жана окутуунун ыңгайлуулугун колдогон механизмдер.<br>5. Инфраструктура илимий-изилдөө жана практикалык сабактарды жогорку деңгээлде өткөрүүгө шарт түзөт. |
| ***Стандарт 7*** | 1. Университет негизги маалыматтарга туруктуу жеткиликтүүлүктү камсыз кылат (ОшМУ сайты, факультет порталы, электрондук китепкана, MyEDU, басма каражаттар). Маалыматтар үзгүлтүксүз жаңыртылып, түзүмдүү жана жеткиликтүү берилген.<br>2. Программа магистранттар, окутуучулар жана бүтүрүүчүлөр арасында сурамжылоо, анкета, оозеки пикирлерди чогултуу аркылуу артка байланыш системасын ишке ашырат. Жыйынтыктар кафедрада талкууланып, өзгөртүүлөр киргизилет.<br>3. Сайттарда жана ички платформаларда протоколдор, силлабустар, окуу материалдары жайгаштырылып, расмий документтерге жеңил жеткиликтүүлүк камсыздалган.<br>4. Программа жетекчилиги тышкы стейкхолдерлер, анын ичинде иш берүүчүлөр менен өз ара аракеттенет, алардын сунуштарын окуу пландарына жана тандоо сабактарына киргизет. Чечимдер коомдук талкуулоодон кийин кабыл алынат.<br>5. Артка байланыш механизми анонимдүү анкетирлөө жана жолугушуулар аркылуу ишке ашырылат. |

***Сунушталган чаралар:***

| ***Стандарт*** | ***Сунушталган чаралар:*** |
|---|---|
| ***Стандарт 1*** | 1. ББПнын Өнүктүрүү стратегиясынын мониторинг механизмин күчөтүү жана анын натыйжаларын системалуу түрдө талдап туруу.<br>2. Миссиянын ишке ашуусуна мониторинг жүргүзүүчү сапаттык көрсөткүчтөрдү так аныктоо. |
| ***Стандарт 2*** | 1. Баалоонун бардык формаларынын интеграциясын камсыз кылуу менен сапат көрсөткүчтөрүнө мониторинг жүргүзүү үчүн санариптик платформаны бекемдөө.<br>2. Сапатты кепилдикке алуу системасынын маселелери боюнча кафедра аралык жана институттар аралык тажрыйба алмашууну жүргүзүү.<br>3. Магистранттардын өз ара байланышына жооп катары көрүлгөн чаралардын натыйжалары жөнүндө маалымдуулугун жогорулатуу. |

| | |
|---|---|
| ***Стандарт 3*** | 1. Туризм багыты боюнча «Эл аралык туризм» профилин камтыган билим берүү программасынын максаттары жана окуу натыйжалары эл аралык туризмдин өзгөчөлүктөрүн, маданияттар аралык айырмачылыктарды жана бул тармактагы глобалдык тенденцияларды так чагылдырышы керек. Максаттар жана окуу натыйжаларына эл аралык кызматташтык, маданияттар аралык коммуникация жана заманбап технологияларды глобалдык контекстте колдонуу сыяктуу аспектилерди кошуу максатка ылайык. Билим берүү программасынын максаттарына жетүү контекстинде окуу натыйжаларын бөлүштүрүүнү кызыкдар тараптардын катышуусундагы биргелешкен жыйында кайра карап чыгуу жана тактоо сунушталат.<br>2. "Международный туризм" билим берүү программасынын максаттары жана окуу натыйжалары иштелип чыгууда эл аралык туризмдин өзгөчөлүктөрүн, маданияттар аралык айырмачылыктарды жана ушул тармактагы глобалдык тенденцияларды так чагылдыруу зарыл. Максаттар жана окуу натыйжалары мындайча толукталгандыгы абзел, алар эл аралык кызматташтыкты, маданияттар аралык коммуникацияны жана глобалдык контекстте заманбап технологияларды колдонууну камтышы керек.<br>***3.*** .Стейкхолдерлердин катышуусунда өткөрүлүүчү жыйында билим берүү программасынын максаттарына жетүү контекстинде окуу натыйжаларын бөлүштүрүүнү кайра карап чыгуу жана тактоо сунушталат. |
| ***Стандарт 4*** | 1. Магистратурага байланыштуу маселелерди жөнгө салуучу локалдык нормативдик документтерди жаңыртуу сунушталат. Бул документтерди жаңылоо билим берүү ишмердүүлүгүнүн заманбап талаптарына ылайык келүүсүн жана билим берүү программаларын ишке ашыруунун эффективдүүлүгүн жогорулатууну камсыздайт.<br>2. 600200 "Эл аралык туризм" билим берүү программасынын багытын эске алуу менен кафедранын илимий тематикасын кеңейтүү сунушталат. Азыркы учурда илимий изилдөөлөр «Кыргызстандын туризм жана ага чектеш экономика тармактарын өнүктүрүү жана жайгаштыруунун заманбап көйгөйлөрү» темасына топтолгон. Илимий-изилдөө иштерин андан ары өркүндөтүү максатында кафедранын илимий күн тартибине туризмдин эл аралык аспектилерин, заманбап глобалдык тренддерди, туруктуу өнүгүү маселелерин жана туризм тармагындагы чек ара аралык кызматташтыкты камтыган кеңири маселелерди кошуу максатка ылайык болот.<br>3. Окуу планында кесиптик деңгээлде чет тилин билүү компетенциясын (ИК-3) калыптандырууга багытталган дисциплинанын жоктугу белгиленди, бул мамлекеттик компонентте каралган. Тактап айтканда, дисциплиналардын тизмесинде «Кесиптик чет тили» курсу жок, бул даярдоо профилинин жана квалификациялык деңгээлдин талаптарына толук жооп бербейт.<br>4. “Эл аралык туризм" профили боюнча даярдыкты эске алуу менен, тандоо курстары же университеттик компонент боюнча |

| | |
|---|---|
| | дисциплиналарды кайра карап чыгуу сунушталат, бул программа багытынын окутуу курстарында толук чагылдырылышын камсыз кылат |
| ***Стандарт 5*** | 1. Университет тарабынан берилген мүмкүнчүлүктөрдү колдонуп, окутуучулар адабиятты жаңылоону жана өз алдынча окуу жана методикалык материалдарды иштеп чыгууну активдүү түрдө сунуштайбыз.<br>2. Чет өлкөлүк университеттер менен түзүлгөн кызматташтык келишимдерин активдүү колдонуу сунушталат. Бул окутуучулардын академиялык мобилдүүлүгүн кеңейтүүгө өбөлгө түзүп, стажировкаларды, алмашуу программаларын жана биргелешкен билим берүү демилгелерин уюштурууга мүмкүнчүлүк берет. Натыйжада, ПО курамынын квалификациясы жогорулап, эл аралык академиялык кызматташтык бекемделет.<br>3. Сунушталат «Туризм» багыты боюнча билим берүү программасынын алкагындагы окуу дисциплиналары боюнча магистранттар жана ПО курамы менен биргеликте ОшМУнун студенттери үчүн экскурсиялык турларды уюштуруу. Бул кадам практика базасын кеңейтүүгө жана даярдоо профилине ылайык студенттердин кесиптик көндүмдөрүн калыптандырууга өбөлгө түзөт. Экскурсиялык турларды чет тилдеринде өткөрүү сунушталат.<br>4. Даярдык профилине ылайык, адистиги боюнча чет тилдеринде сабактарды этап менен өткөрүү сунушталат, бул кызматкерлерди чет тилдерин үйрөнүүгө түрткү берет. ОшМУнун жетекчилигине чет тилдеринде сабактар өткөрүү үчүн мугалимдерге сыйлык берүү чараларын караштыруу сунушталат. |
| ***Стандарт 6*** | 1. Туризм багыты боюнча лабораторияларды жана практикалык сабактар үчүн жабдууларды кеңейтүү (мисалы: геонавигациялык шаймандар, макеттер, заманбап тренажёрлор).<br>2. Китепканадагы эскирген фонддун бир бөлүгүн, айрыкча «Туризм» багыты боюнча, заманбап методика жана тил талаптарына (кыргызча жана англисче) ылайык жаңылоо.<br>3. Магистранттар үчүн эл аралык илимий журналдарга жана маалымат базаларына туруктуу жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу.<br>4. Инклюзивдүү инфраструктураны өнүктүрүү (лифт, пандус, ылайыкталган жабдуулар).<br>5. Окуучулар үчүн онлайн билим берүү ресурстарына жазылууну камсыз кылуу.<br>6. Автоматтар/кулерлер менен таза сууну камсыз кылуу.<br>7. Таштандыларды сорттоо үчүн урналарды орнотуу.<br>8. Факультет корпусунда өзүнүн ашканасын/кафетериин уюштуруу мүмкүнчүлүгүн кароо. |
| ***Стандарт 7*** | 1. Иш берүүчүлөр менен иш алып барууну формалдаштыруу: консультациялык кеңештерди түзүү же үзгүлтүксүз сурамжылоолорду жүргүзүү сунушталат.<br>2. Программаны стратегиялык маалыматтык жайылтуу иштерин кеңейтүү. 600200 «Туризм» программасы үчүн өзүнчө поддомен же веб-баракча түзүү сунушталат. |

| | |
|---|---|
| | 3. Бүтүрүүчүлөрдүн карьералык траекторияларын мониторинг кылууну өнүктүрүп, агрегатталган маалыматтарды сайтта жана ачык отчеттордо жарыялоо.<br>4. Магистранттарды башкаруу процессине тартуу мүмкүнчүлүктөрү боюнча маалымдуулукту жогорулатуу. Брифингдерди жана маалыматтык сессияларды үзгүлтүксүз өткөрүү сунушталат.<br>5. Программанын жетишкендиктерин ар түрдүү форматтарда жайылтуу: расмий сайттар менен катар социалдык тармактарды, мультимедиялык форматтарды (видео, инфографика) колдонуу. |

***Милдеттүү түрдө аткарылышы керек болгон сунуштар:***

| ***Стандарт*** | ***Милдеттүү түрдө аткарылышы керек болгон сунуштар*** |
|---|---|
| ***Стандарт 1*** | 1. Миссиянын ишке ашуусун чагылдырган көрсөткүчтөрдү жана индикаторлорду түзүп, жылдык отчеттук формаларга кошуу.<br>2. Билим берүү программасын Өнүктүрүү стратегиясын туруктуу негизде баалоого жана кайра кароого магистранттардын, иш берүүчүлөрдүн өкүлдөрүн киргизүү. |
| ***Стандарт 2*** | 1. "ОшМУнун академиялык саясатын" MyEdu автоматташтырылган маалымат системасы жөнүндө маалыматты киргизүү менен жаңылоо зарыл.<br>2. ББПнын Өнүктүрүү стратегиясынын сапат боюнча пункттары ишке ашырылышы үчүн, интервьюлардын жыйынтыктарын эске алып, окуу процесстерине практикага багытталган окутуу/иш ордундагы окутуу элементтерин киргизүү зарыл. Магистранттарды реалдуу жумуш шарттарында даярдоо, алардын практикалык көндүмдөрүн жакшыртуу, теория менен практика ортосундагы байланыштарды күчөтүү жана иш берүүчүлөр менен тыгыз кызматташтыкты түзүү билим берүү сапатын жогорулатууга жардам берет. |
| ***Стандарт 3*** | 1. Стейкхолдерлердин катышуусунда өткөрүлүүчү жыйында «Эл аралык туризм» профилине багытталган билим берүү программасынын максаттарын жана окуу натыйжаларынын формулировкаларын кайра карап чыгып, тактоо, аларды багыттын өзгөчөлүгүнө толук ылайык келтирүү сунушталат.<br>2. Стейкхолдерлердин катышуусунда өткөрүлүүчү жыйында билим берүү программасынын максаттарына жетүү контекстинде окуу натыйжаларын бөлүштүрүүнү кайра карап чыгуу жана тактоо сунушталат. |
| ***Стандарт 4*** | 1. "Эл аралык туризм" профили боюнча "Туризм" билим берүү программасына ылайык, университеттик компоненттеги дисциплиналардын окуу натыйжаларын кайра карап чыгып, аларды жалпы максаттарга жана программа жыйынтыктарына ылайык келтирүү сунушталат.\<br>2. Билим берүү стандартынын талаптарына ылайык, "Кесиптик чет тили" дисциплинасын окуу планына киргизүү сунушталат.<br>3. Ошондой эле силлабустардагы сунушталуучу адабияттарды жаңылоо сунушталат, бул учурдагы эл аралык туризм |

| | |
|---|---|
| | тармагындагы жаңы изилдөөлөрдү жана тенденцияларды эске алуу менен. |
| ***Стандарт 5*** | 1. Сунушталат, окутуучулар университет тарабынан берилген мүмкүнчүлүктөрдү активдүү пайдалануу менен "Эл аралык туризм" профили боюнча адабиятты жаңыртуу жана өздүк окуу-методикалык материалдарды иштеп чыгуу.<br>2. Сунушталат, окутуучу курамына квалификациясын жогорулатуу, тажрыйба алмашуу жана профессионалдык чөйрөдө мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү үчүн академиялык мобилдүүлүктүн мүмкүнчүлүктөрүн активдүү пайдалануу. |
| ***Стандарт 6*** | 1. Китепканадагы эскирген фонддун бир бөлүгүн заманбап методика жана тил талаптарына (кыргызча жана англисче) ылайык жаңылоо.<br>2. Окуучулар үчүн онлайн билим берүү ресурстарына жазылууну камсыз кылуу.<br>3. Автоматтар/кулерлер менен таза сууну камсыз кылуу.<br>4. Таштандыларды сорттоо үчүн урналарды орнотуу.<br>5. Факультет корпусунда ашкана/кафетерий уюштурууну кароо. |
| ***Стандарт 7*** | 1. Факультеттин/программанын сайтындагы мазмунду актуалдаштыруу (ttatf.oshsu.kg): программа тууралуу маалымат, бүтүрүүчү профили, окутуучулар жана магистранттардын жетишкендиктери. «Суроо-жооп» бөлүмүн кошуу.<br>2. Анкетирлөөнүн жыйынтыктары боюнча кыска отчетторду жана кабыл алынган чечимдер боюнча түшүндүрмөлөрдү жайгаштыруу менен, маалымат жарыялоодо ачыктыкты камсыз кылуу. |

**Эксперттик комиссиянын отчету төмөнкү тиркемелерди да камтышы керек:**

**Тиркеме 1. Эксперттик комиссия мүчөлөрүнүн өмүр баяндары (био).**

**Тиркеме 2. Эксперттик комиссиянын билим берүү уюмуна болгон сапарынын программасы.**

**Тиркеме 3. Окуу жыйынтыктарынын тизмеси.**

**Тиркеме 4. Эксперттик комиссиянын мүчөлөрү тарабынан анализделген документтер менен иштердин тизмеси.**

**Тиркеме 1. Эксперттик комиссия мүчөлөрүнүн өмүр баяндары (био).**

1. **Садыкова Гулзат Эркинбаевна,** маданий илимдеринин кандидаты, Кыргызстан Ислам университетинин илим боюнча проректору, академик Т. С. Садыков атындагы Кыргыз Республикасынын Улуттук көркөм өнөр академиясынын искусствоведение кафедрасынын доценти, EdNet агенттигинин сапат кепилдиги боюнча эксперти.
2. **Жолдошева Айнура Буудайыковна,** техника илимдеринин кандидаты, доцент, И. Раззаков атындагы КМТУнун "Буюмдардын көркөм долбоорлоо" кафедрасынын башчысы.
3. **Сулайманова Жылдыз Назарбековна**, педагогика илимдеринин кандидаты, И. Арабаев атындагы КМУнун "Костюм жана текстиль технологиясы жана искусствосу" кафедрасынын доценти.
4. **Жакыпов Кубатбек Куланчиевич**, Бубусара Бейшеналиева атындагы Кыргыз мамлекеттик маданият жана искусство университетинин окуу иштери боюнча проректору.
5. **Турдугулова Айтурган Турдугуловна,** Бубусара Бейшеналиева атындагы Кыргыз мамлекеттик маданият жана искусство университетинин эстрада жана музыкалык билим берүү факультетинин деканы (кызматты аткаруучу).
6. **Садырова Гульзат,** Кыргыз улуттук агрардык университетинин сапат, аккредитация жана лицензиялоо бөлүмүнүн башчысы, доцент, EdNet агенттигинин сапат кепилдиги боюнча эксперти.
7. **Омурканова Айгуль Турарбековна**, филология илимдеринин кандидаты, доцент, PhD, "Медиа Полиси" коомдук фондунун медиа долбоорлор боюнча студенттер менен иштөө боюнча тренер-ментор жана куратор-ментор, мурдагы КРСУнун Журналистика боюнча билим берүү программаларынын жетекчиси.
8. **Машрапов Таласбек Туратбекович**, тарых илимдеринин кандидаты, профессордун милдетин аткаруучу, К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин "Чыгыш таануу жана эл аралык мамилелер" факультетинин деканы.
9. **Жапарова Нургуль Сулаймановна**, экономика илимдеринин кандидаты, кафедра башчысы, туризм жана менеджмент багыттары боюнча жогорку жана орто кесиптик билим берүү программаларынын жетекчиси, Туризм академиясы.
10. **Дауен Динара Бақыткерейқызы**, Казакстандын Аль-Фараби атындагы Улуттук университети, PhD, Кытай таануу кафедрасынын доценти, Чыгыш таануу факультети, Казакстан Кытай таануучулар ассоциациясынын төрайымы.
11. **Болотова Айгуль Мекеновна,** "LLC Irbis Communication" компаниясынын башкы директору, GOPA Worldwide Consultants GmbH эксперти.
12. **Пулатова Гульнара Тулановна**, экономика илимдеринин кандидаты, доцент, профессор, Экономика жана каржы кафедрасы, К. Ш. Токтомаматов атындагы Эл аралык университетинин Окуу-илимий-өндүрүш комплекси, EdNet агенттигинин сапат кепилдиги боюнча эксперти.
13. **Акпаралиев Руслан Абдысаматович,** техника илимдеринин кандидаты, доцент, И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин Энергетикалык институтунун директору.
14. **Турдуев Мирбек**, профессор, электроника жана электр инженериясы бөлүмү, Кыргыз-Түрк "Манас" университети, MIT (АКШ) илимий кызматкери, PhD (Турция), Post Doc (Испания, Каталония политехникалык университети).
15. **Ибраев Алмазбек Дүйшөков**, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент, Эл аралык Кувейт университетинин "Педагогика, колдонмо информатика жана жаратылыш илимдери" кафедрасы.

16. **Урдалетова Анаркуль Бурганаковна**, профессор, математика илимдеринин доктору, Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин "Математика" бөлүмү.
17. **Сатыбаев Дастан Нурланбекович**, “Кыргызстан Эл аралык университети“ Окуу-илимий-өндүрүш комплексинин» чет тилдер жана котормо иши программаларларынын жетекчиси.
18. **Шерипбаева Гулнур Болотбековна**, "Олимп" гимназия мектебинин директору.
19. **Иманкулова Жаркынай Шавкатовна,** "Jarkyn fashion school" ателье жана окуу борборунун негиздөөчүсү.

**Тиркеме 2. Эксперттик комиссиянын билим берүү уюмуна болгон сапарынын программасы.**

**Окуу уюму:** Ош мамлекеттик университети
**Аккредиттелген программалар:** 530600 Журналистика (В), 530900 Чыгыш таануу, Африка таануу (В ), 600200 Туризм (М)
**Дареги:** Кыргыз Республикасы, 723500, Ош, ОшМУ
**Дата:** 2025-жылдын 16-17-апрели

**КЛАСТЕР 3 – жогорку билим деңгээли**

| **Убакыт** | **Окуя** | **Катышуучулар** | **Ауд** |
|---|---|---|---|
| | **16-апрель, 2025-жыл** | | |
| **09.00-09.15** | **Башкы имаратка чогулуп** | ***Эксперттик комиссия*** | |
| **09.20 - 09.35** | **ОшМУнун ректору менен жолугушуу**<br>***Бардык кластерлердин эксперттик комиссиялары менен биргелешкен жолугушуу)*** | ***Респонденттердин тизмеси 1-тиркемеде келтирилген.*** | |
| **09.35 — 10.15** | **АУП менен жолугушуу (проректорлор, сапат бөлүмү, Бүтүрүүчүлөр ассоциациясы, карьера жана ишке орноштуруу борбору)** | ***1-тиркеме*** | |
| **10:45 - 11:25** | **Журналистика (Б) жумушчу тобу менен маек** | ***1-тиркеме*** | |
| **11.30- 12.10** | **Чыгыш таануу Африка таануу жумушчу тобу менен маек (В)** | ***1-тиркеме*** | |
| **12.15—12.55** | **Туризм (М) жумушчу тобу менен маек** | ***1-тиркеме*** | |
| **12.55—13.35** | **Түшкү тамактануу** | | |
| **13:35 – 14:15** | **Программанын окутуучулары менен маек: Чыгыш таануу Африка таануу (В)** | ***1-тиркеме*** | |
| **14:20 – 15:00** | **Программанын окутуучулары менен маек: Журналистика (Б)** | ***1-тиркеме*** | |
| **15:05 – 15:45** | **Программалардын окутуучулары менен маек: Туризм (М)** | ***1-тиркеме*** | |
| **15.50—16.30** | **менен маек ОР Туризминин магистранттары (М)** | ***1-тиркеме*** | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | ***Эксперттик комиссия*** | |
| **.16.35-17.00** | **ОР Tourism (M) сабактарына катышуу** | **График боюнча** | |
| **17.05—17.50** | **Инфраструктурага сереп салуу** | ***1-тиркеме*** | |
| **17.50—18.10** | **Биринчи күндү жыйынтыктоо** | **Эксперттик комиссия** | |
| **17 апрель , 2025-жыл** | | | |
| **08.45** | **Университетте жыйнак** | | |
| **09.00- 09.50** | **Журналистика факультетинин студенттери менен маек** | ***1-тиркеме*** | |
| **09.55—10.45** | **ОР Чыгыш таануу Африка таануу (B) студенттери менен маек** | ***1-тиркеме*** | |
| **10.50 — 11.15** | **Бакалаврдын бардык программалары боюнча сабактарга катышуу (Туризм жана Чыгыш таануу)** | **График боюнча** | |
| **11.20–12.00** | **кошунун окүлдөрү менен маек . кызматтар ( *комиссиянын талабы боюнча* )** | | |
| **12.00-13.00** | **Түшкү тамактануу** | | |
| **13.05 — 14.35** | **Бардык билим берүү программаларынын бүтүрүүчүлөрү менен маектешүү** | ***1-тиркеме*** | |
| **14.40 – 15.30** | **Бардык билим берүү программалары боюнча иш берүүчүлөр менен маек** | ***1-тиркеме*** | |
| **15.35 —17.00** | **Эксперттик комиссиянын иш сапарынын жыйынтыгы боюнча жабык талкуусу** | ***Эксперттик комиссия*** | |
| **17.00 -17.40** | **Бардык кластерлердин эксперттик комиссияларынын ректор жана бардык билим берүү программаларынын жетекчилери менен иш сапарынын жыйынтыктарын талкуулоо** | **Университеттин жетекчилиги жана билим берүү программаларынын жетекчилери** | |

**Тиркеме 3. Окуу жыйынтыктарынын тизмеси.**

| |
|---|
| ***Окуу натыйжасы 1***<br>Теорияларды, методдорду жана изилдөө натыйжаларын түшүнүп, баалай алуу, дисциплиналар аралык мамилени колдонот жана туризм жаатында билим алуу үчүн илимдин жетишкендиктерин интеграциялайт. |
| **Окуу натыйжасы 2**<br>Илимий-изилдөө иштеринде заманбап эсептөө техникасын жана адистештирилген программалык камсыздоону колдонот, туризм чөйрөсүндөгү илимий изилдөөлөрдүн натыйжаларын отчеттор, жарыялоолор жана ачык талкуулоолор формасында берүүгө даяр |
| **Окуу натыйжасы 3:**<br>Кесиптик жана социалдык ишмердүүлүктөгү укуктук, маданияттар аралык айырмачылыктарды жана этикалык нормаларды көрсөтүүгө, трансляциялоого, уюштуруучулук-башкаруучулук сунуштарды кабыл алууга жана алардын кесепеттерин баалоого мүмкүндүк берет. |
| **Окуу натыйжасы 4:**<br>Процесстердин натыйжалуулугуна мониторинг жүргүзүү жана баалоо, туристтик индустриядагы инновациялык - технологиялык тобокелдиктерге баа берүү, персоналык иштин ыкмаларына жана ыкмаларына ээ, туристтик индустриясын долбоорлоодо жана өнүктүрүүнү болжолдоодо артыкчылыктуу багыттарды аныктайт. |
| **Окуу натыйжасы 5:**<br>Илимдеги жаңы көрүнүштөрдүн социалдык-экономикалык кесепеттерин эске алуу менен жаңы идеяларды түзө жана өнүктүрө алат, стандартташтыруунун заманбап системасын киргизүүгө жөндөмдүү, инновациялык долбоорлордун техникалык-экономикалык негиздемесин баалоону жана ишке ашырууну билет. |
| **Окуу натыйжасы 6:**<br>Сергек жашоо образынын, жаратылышты коргоонун жана ресурстарды сарамжалдуу пайдалануунун нормаларын трансляциялай алат, тейлөөнүн сапатын жогорулатуу, кардардык мамилелерди түзүү боюнча иштерге даярдо. |

**Тиркеме 4. Эксперттик комиссиянын мүчөлөрү тарабынан анализделген документтер менен иштердин тизмеси.**

1. Өзүн-өзү баалоо отчёту. Программанын шифри, аталышы: 530600 журналистика
2. МББС 600200 Туризм магистратура
3. РУП, окуу процессинин графиги
4. ББП 600200 Туризм
5. Магистердик диссертациялар 600200 Туризм
6. Магистердик диссертация боюнча ЖОБО
7. Практика боюнча ЖОБО
8. Практика боюнча отчеттор
9. Кафедрадагы жыйндар
10. Магистрантардын макалалары
11. Протоколдор
12. Мугалимдердин резюмелери
13. Квалификация планы
14. Кесиптик боюнча силлабустар
15. Эксперттик комиссиянын мурунку корунтундусу
16. ПО курамынын иши
17. Ачык сабактын иштелмеси жана анализи
18. ОшМУ сайт
19. ОшМУ инстаграмм
20. ОшМУ бюллетендери
21. Положение о приеме в магистратуру Ошского государственного университета